

КОЛДОНМО

# УЛУУ БРИТАНИЯДА ИШТЕГЕН СЕЗОНДУК ЖУМУШЧУЛАР ҮЧҮН БАГЫТ

КЫРГЫЗСТАН

# МАЗМУНУ


УЛУУ БРИТАНИЯ БОЮНЧА КИРИШ СӨЗ ........ 4

МОДУЛЬ 1: СИЗДИ ИШКЕ АЛУУ ПРОЦЕССИ ........ 9

МОДУЛЬ 2: СИЗДИН САПАРЫҢЫЗ ........ 19

МОДУЛЬ 3: СИЗДИН ЖУМУШУҢУЗ ЖАНА ИШ ШАРТТАРЫҢЫЗ ........ 37

МОДУЛЬ 4: СИЗДИН ЖАШОО ШАРТТАРЫҢЫЗ ........ 45

МОДУЛЬ 5: СИЗДИН ДЕН-СООЛУГУҢУЗ ЖАНА КООПСУЗДУГУҢУЗ ........ 51

МОДУЛЬ 6: СИЗДИН АКЧАҢЫЗ ........ 63

МОДУЛЬ 7: СИЗДИН УКУКТАРЫҢЫЗ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИҢИЗ ........ 79

МОДУЛЬ 8: СИЗДИН КОЛДОО КЫЗМАТЫ ........ 99

# УЛУУ БРИТАНИЯ БОЮНЧА КИРИШ СӨЗ

Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугу (Улуу Британия катары да белгилүү) төрт өлкөдөн турат: **Англия**, **Шотландия**, **Уэльс** жана **Түндүк Ирландия**.

Улуу Британия жайкы убакыт айларында (апрель айынан октябрга чейин) Кыргызстандан 5 саат, ноябрдан мартка чейин Кыргызстандан 6 саат артта.

| УЛУУ БРИТАНИЯНЫН УБАКЫТЫ | |
|---|---|
| Апрель-октябрь | Ноябрь-март |
| **Кыргызстандан 5 саат артта** | **Кыргызстандан 6 саат артта** |



**АБА ЫРАЙЫ:** Улуу Британияда аба ырайы тез өзгөрүшү мүмкүн. Бир күндүн ичинде сиз күн нурун, жамгырды, суукту, жада калса карды да көрө аласыз. Жалпысынан түндүккө барган сайын жамгыр, шамал, кар жана төмөнкү температураны көрөсүз.



## НЕГИЗГИ:

**>> Тил:** англис тили (Адамдардын болжол менен 1% Уэльс, Шотландия жана Гаел тилдеринде да сүйлөшөт)

**>> Дин:** Улуу Британия көп маданияттуу жана диний жактан ар түрдүү өлкө. Фермалардагы кээ бир адамдар ар кандай диндерди, анын ичинде ислам динин жакшы билишпейт. Ар дайым сабырдуу болуңуз жана башка адамдардын дин ишенимдерине урмат-сый менен мамиле кылыңыз жана эгер сиз башкалар сиздин дин ишенимиңизге сабырдуу эмес же урмат көрсөтпөй жатканын байкасаңыз, фермаңыздагы Адам ресурстары (кадр бөлүму) же социалдык коргоо тобу менен сүйлөшүңүз.

**>> Валюта:** Фунт стерлинг жана пенс (100 пенс = 1 фунт стерлинг)





**>> Тамак:** Популярдуу тамактардын кээ бирлери - балык жана чипсы, койчу пирогу, карри, англисче эртең мененки чай жана жекшемби күнү куурулган тамактар.



⚠ Улуу Британияда бардык тамак-аш адал эмес экенин жана кээ бир азыктарда чочконун эти жана спирт болушу мүмкүн экенин унутпаңыз. Азык-түлүк сатып алууда адал варианттарды сураңыз.



**>> Кийим-кече:** Сиз Улуу Британияда мода стилдеринин бардык түрлөрүн көрө аласыз. Бул сиз көнүп калган кийим-кечеден айырмаланышы мүмкүн. Ар дайым сый-урмат жана сабырдуу болуңуз.





**>> Расмий майрамдар:** Улуу Британияда көпчүлүк майрамдардын датасы жыл сайын өзгөрүп турат. Расмий майрам - бул банктар жабылган учурдагы майрамдар болуп эсептелинет. Бул күнү адамдар эс алышат. https://www.gov.uk/bank-holidays дарегине кириңиз же Улуу Британиядагы расмий майрамдарынын жаңыртылган тизмесин көрүү үчүн QR кодун сканерлеңиз.

Сиз жумуш берүү программасынан же фермаңыздан расмий майрамдарды эс алуу күндөрү катары эсептей аласызбы деп сурашыңыз керек.



**>> Маданият:** Британ маданиятына Англия, Шотландия, Уэльс жана Түндүк Ирландиянын тарыхы жана каада-салттары жана бир нече жылдар бою Улуу Британияга келген ар кандай мигрант калкы таасир эткен.

Адабияттын, театрдын жана музыканын күчтүү салттары бар, анын ичинде дүйнө жүзүнө белгилүү популярдуу музыка. Улуу Британия кино, радио жана телекөрсөтүүдөгү маанилүү өнүгүүлөргө олутту салым кошкон. Улуу Британияда эң популярдуу спорт бул футбол, андан кийин регби, гольф, крикет жана теннис.





МОДУЛЬ 1

# СИЗДИ ИШКЕ АЛУУ ПРОЦЕССИ



Тизмени жумушка жалдоо процессинин ар кандай баскычтарында кандай чыгымдар кеткенин белгилөө үчүн колдонуңуз.

**Кадам 1:** Оператор жумушчуга жумуш ролдору жөнүндө маалымат берет жана ар бир ийгиликтүү талапкерге демөөрчүлүк сертификатын (CoS) берет

**Кадам 2:** Талапкер визага өтүнүч жасап, виза алуу үчүн арыз жазууга катышат

**Кадам 3:** Улуу Британия Виза Бөлүмү виза боюнча чечим кабыл алат

**Кадам 4:** Жумушчу виза алат

**Кадам 5:** Жумушчу саякатын пландаштырат

**Кадам 6:** Жумушчу Улуу Британияга келип фермага барат



| Мен үйрөндүм ... | Мен буга чейин билгенмин ... | Мен көбүрөөк билгим келет ... |
|---|---|---|
| | | |

# БУЛ ИШТИ КИМ БАШКАРАТ?

Улуу Британиянын сезондук жумушчуларынын программасын эки мамлекеттик департамент тарабынан башкарылат: Улуу Британиянын Ички иштер министрлиги (Home Office) жана Айлана-чөйрө, тамак-аш жана айыл чарба иштери боюнча департамент (DEFRA).

Бул программанын операторлорунун саны аз жана алар өзгөрүшү мүмкүн. Операторлор сизди тартуу жана виза демөөрчүлүгүн камсыз кылуу үчүн жооптуу.

Сиздин операторуңуз расмий оператор экендигин текшериңиз. Муну Улуу Британиянын виза демөөрчүлөрүнүн толук тизмесинен операторуңуздун атын издөө менен текшере аласыз: https://www.gov.uk/government/ publications/register-of-licensed- sponsors-workers. Документти «Route» деп аталган тилкени жүктөп алыңыз, сезондук жумушчу демөөрчүлөрү үчүн фильтрлеп табыныз.

106 беттеги учурдагы операторлордун тизмесин таба аласыз (бирок азыр тизмедегинин бардыгы Кыргызстан менен иштешпейт), бирок операторлордун тизмеси өзгөрүп жаткандыгын эсиңизге тутуп алыңыз.

Сиздин жумуш берүүчүңүз бул сиздин операторуңуз же Улуу Британияда сиздин жумуш берүүчү сиз иштеп жаткан ферма болушу мүмкүн. Билүү үчүн операторуңуздан сураңыз. 108-беттеги операторуңузга бере турган маанилүү суроолордун тизмеси бар.

Программанын оператору болуп көрүнгөн алдамчылардан этият болуңуз сезондук жумушчулардын программасын колдонуп, сизден аларга акча төлөп берүүгө азгырып алдашы мүмкүн.

Программанын оператору менен байланыш үчүн расмий каналдарды гана колдонуңуз. Эгер сиз менен кимдир бирөө оператор же ферма болуп жаткандай түр көрсөтүп байланышканыңызды билсеңиз, расмий программанын операторуна эмне болгонун айтып берип сүйлөшүңүз.

Ошондой эле, сиз бул тууралуу Улуу Британиянын Өкмөтүнүн аярлуу жана эксплуатацияланган жумушчуларды коргоо боюнча органы болгон Улуу Британиянын Эмгек Башкармалыгы (GLAA) билдирсеңиз болот. Алардын байланыш маалыматтарын 102-беттен таба аласыз.

# КАНТИП МЕН УЛУУ БРИТАНИЯНЫН СЕЗОНДУК ЖУМУШ ПРОГРАММАСЫНА КАЙРЫЛА АЛАМ?

**>> Жумушка алуу процесс:**

**Кадам 1:** Сиздин программа операторуңуз сизге жумуш сунуштайт жана сиз ал жумушту кабыл аласыз. Оператору уникалдуу шилтеме номери бар электрондук документ болгон демөөрчүлүк сертификатын (CoS) берет. Ал сезондук жумушчулардын программасынын визасына кайрылышы керек. Сиздин операторуңуз сиз үчүн уникалдуу номерин алышы керек.

**Кадам 2:** Сиз Бишкектеги VFS Global виза иштетүү борбору аркылуу  виза алууга арыз жазып виза жолугушууга катышасыз. Визага, виза даярдоо жана виза борборуна баруу үчүн болгон чыгымдарды төлөшүңүз керек болот. Визаны даярдоо чыгымдары - бул VFS Global борбору тарабынан алардын кызматтары үчүн алынуучу акы.

**Кадам 3:** Виза берилгендиги жөнүндө чечимди 15 жумушчу күндүн ичинде маалымат аласыз, бирок кээ бир учурларда 25 күндөн ашык убакытты талап кылынышы ыктымал.

**Кадам 4:** Виза чечими кабыл алынгандан кийин, адатта, 1-10 күндүн ичинде визаны аласыз. Виза даяр болгондо аны алыш үчүн VFS Global борборуна чакырыласыз. Сиз виза борборуна келиш үчүн болгон ар кандай жол чыгымдарын өзүңүз төлөшүңүз керек.

**Кадам 5:** Виза алгандан кийин саякатыңызды брондоңуз. Сиз эл аралык учуулар үчүн өзүңүз акы төлөшүңүз керек. Оператордуңуздан кайтарым билет сатып алышыңыз керекпи деп сураңыз.

**Кадам 6:** Улуу Британияга келип, жумушуңузду баштайсыз.

Өтүнүч процессинин айрым деталдары программанын операторунан көз каранды болот – мисалы, качан келишимге кол коесуз жана оператордуңуздан кандай документтерди алуунуз керек.

Кошумча маалымат боюнча, программанын операторунан сурасаңыз болот. 108 бетте программанын операторунан кошумча суроолордун тизмесин таба аласыз.

⚠ Жумушка орношуу процессине жардам бериш үчүн эч кимге акча төлөбөңүз.

## >> Сиздин виза:




Виза Улуу Британияда 26 жумага чейин (6 ай) иштөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Бирок, сиз иштей турган жумалардын саны аба ырайынын шарттарына, жумуштун жеткиликтүүлүгүнө, визаңызды өз убагында алганыңыздан жана шарттуу мөөнөтүңүздөн өтүүңүздөн көз каранды. Жуманын саны канча акча тапканыңызга таасир этет. Орто эсеп менен алганда, адамдар 20 жумадай иштешет.



### ⚠ Бул виза боюнча, сизге төмөндөгүлөр мүмкүн эмес:

- Виза мөөнөтү бүткөндөн кийин Улуу Британияда калуу
- Өкмөттөн жөлөк пул алуу
- Үй бүлөнү алып келүү
- Программа операторун алмаштыруу
- Берилген жумуштан башка жерде иштөө

# ВИЗА АЛУУНУН ПРОЦЕССИ

**Кадам 1:** Оператор Жумушчуга Жумуш ролдору жөнүндө маалымат берет жана ар бир ийгиликтүү талапкерге кызмат келишимди берет

**Кадам 2:** Талапкер визага өтүнүч жасап, виза алуу үчүн арыз жазууга катышат

**Кадам 3:** Улуу Британия Виза Бөлүмү виза боюнча чечим кабыл алат

**Кадам 4:** Жумушчу VFS Global виза алат

**Кадам 5:** Жумушчу саякатын пландаштырат

**Кадам 6:** Жумушчу Улуу Британияга келип фермага барат

1 2 3 4 5 6

- Виза чыгымдары
- Виза даярдоо чыгымдары
- Виза жолгугушууга кеткен жол чыгымдары

- Виза барып алууга чыгымдары

- Учакка кеткен чыгымдар (оператордон кайтарым учакка билетин алууну тактаңыз)

- Фермага жетиш үчүн жол чыгымдары (оператордон сураңыз жол акысын сиз төлөшүңүз керекпи деп

# МАГА КАНДАЙ ДОКУМЕНТТЕР КЕРЕК БОЛОТ?



Жумушка орношуу процессинде сизге керектүү документтер программанын операторунан көз каранды, бирок минимум паспорт талап кылынат. Билүү үчүн операторуңуздан сураңыз. 108-беттеги операторуңузга бере турган кошумча суроолордун тизмеси бар.

Бардык документтериңизди өзүңүз менен кошо алып алынынз, көчүрмөлөрдү жасаңыз. Кыргызстандан кетээрден мурун, жакын үй-бүлө мүчөлөрү менен жасалган көчүрмөлөрдү бөлүшүңүз. кийинчерээк керек болуп калышы ыктымал.

Келишимди алгандан кийин, анын көчүрмөсүн сактаңыз. Келишимдин сүрөтүн алып, телефонуңузда сактап коюңуз. Ошондой эле, аны электрондук почтаңызга же үй-бүлө мүчөсүнө келечектеги шилтеме үчүн жөнөтсөңүз болот. Келишим жөнүндө көбүрөөк маалымат алуу үчүн, 40-бетти караңыз.

# БУЛ ТАРМАКТА ИШТӨӨНҮН БАШКА ЖОЛДОРУ БАРБЫ?

Азыр Кыргызстандан келген сезондук жумушчулар үчүн Улуу Британиянын чарбаларында иштөөнүн бирден-бир мыйзамдуу жолу-бул сезондук жумушчулардын программасы.

Эгерде сиз квалификациясы төмөн жумушта иштегиңиз келсе (мисалы, фабрикада буюмдарды таңгактоо же ресторанда столдорду тейлөө), анда Улуу Британияга барып иштөө мүмкүн эмес. Квалификациясы төмөн жумуш-бул кайталанма тапшырмаларды, колго кармалуучу шаймандарды жана кандайдыр бир физикалык күчтү камтыган жумуш.

Эгерде сиз квалификациялуу жумушта иштегиңиз келсе (мисалы, медайым, менеджер же инженер катары), анда Улуу Британияда квалификациялуу жумушчу визасы аркылуу гана иштөөгө болот. Бул виза үчүн арыз берүү процесси сезондук жумушчу программасына жумушка орношуудан айырмаланат жана сиз Улуу Британияда жүргөндө сезондук жумушчу программасынан квалификациялуу жумушчу визасына өтө албайсыз.

# МЕН КАНДАЙ ЧЫГЫМДАРДЫ ТӨЛӨШҮМ КЕРЕК?

Жумушка орношуу жана жол чыгымдарын эсептөө (адатта жумушчу төлөйт):

| Жумушка орношуу жана жол чыгымдарын эсептөө | Фунт стерлинг | Сом |
|---|---|---|
| Виза алуу үчүн жол жана жашоо чыгымдары, тамак-аш жана суусундуктар сыяктуу башка чыгымдар (болжол) | £10 - £100 | 1 163 – 11 633 сом |
| Виза чыгымы | £319 | 37 110 сом |
| Виза даярдоочу офистин чыгымы (VFS Global кызматынын чыгымы) | £76.50 | 8 899 сом |
| Кетүү алдындагы медициналык жана кылмыштуулук боюнча документтерди текшерүү | £2 | 232 сом |
| Виза дайындоо жана Бишкекте даяр болгондо визаны алуу үчүн кеткен чыгым (болжол) | £40 | 4 653 сом |
| Улуу Британияга чейин жана кайтарым билеттер (кайтарым билет болжол менен) | £700 - £900 | 81 431 – 104 697 сом |
| Аэропорттон фермага чейинки кеткен жол чыгым (фермага жана программа операторго жараша өзгөрөт) | £0 - £60 | 0 – 6 979 сом |
| **Жалпы (болжол)** | **£1 100 - 1 460** | **127 968 – 169 848 сом** |

** Бул чыгымдар жана валюта курсу келечекте өзгөрүшү мүмкүн экендигин эске алыңыз.*

# МЕН КАНДАЙ ЧЫГЫМДАРДЫ ТӨЛӨБӨШҮМ КЕРЕК?

⚠ Этият болуңуз – сизден, уруксаты жок адамдар же топтор тарабынан көбүрөөк чыгымдарды төлөө деп суралышы мүмкүн. Төмөнкү чыгымдарды төлөөнүн кажети жок:

- Улуу Британияда жумуш табууга жардам берүү үчүн акы
- жумушка орношууда ийгиликке жетүү үчүн акы төлөнөт
- виза арызыңызды толтурууга жардам берүүчү акы
- визаңызды тезирээк алууга жардам берүүчү акы
- Кыргызстандан кетерден мурун сизди окутуу үчүн акы

Бул чыгымдарды төлөбөшүңүз керек жана 65-бетте көрсөтүлгөн чыгымдарды гана төлөшүңүз керек. 108 беттеги операторуңуздан жумушка орношуу чыгымдары жөнүндө болгон суроолорду карап чыгыңыз.

МОДУЛЬ 2

# СИЗДИН САПАРЫҢЫЗ



| Иш-аракет | Кадам номуру |
|---|---|
| Акыры, учакка отуруп, стюардессага борттогу билетиңизди көрсөтүңүз, ал отургучту табууга жардам берет | |
| Каттоо жайына барып, паспортуңузду жана рейске брондооңузду көрсөтүңүз | |
| Каттоочу жайдан чоң багажыңызды текшериңиз. Андан кийин багажыңыздын салмагы же учуу брондоосу менен көйгөйлөр жаралбаса сизге борттук билет берилет | |
| Экрандардан авиакомпанияңыздын каттоо жайын табыңыз | |
| Учакка чыгуу жайын табыңыз, ал жерге сиз учуп кетүү убактыңыздан кеминде бир саат мурун келишиңиз керек. Бул маалыматты борттогу билетиңизден же аэропорттун учуу зонасында жайгашкан экрандардан табууга болот. | 1 |
| Металл детекторунан өтүңүз (эгерде денени текшерүү керек болсо, эркектер гана эркектерди издей алышат, ал эми аялдар аялдарды гана текшере алышат) | |
| Паспортту контролдоо жайдан өтүңүз | |

Сураныч тиешелүү документтерди жана таңгактоочу буюмдарды гана тандаңыз:



**Документтер**

- [ ] Нике күбөлүгү
- [ ] Учуу информациясы
- [ ] Паспорт
- [ ] Камсыздандыруу доукменти
- [ ] Жумуш сунушу
- [ ] Туулгандыгы жөнүндө күбөлүк
- [ ] Дары-дармектин рецепттери



**Таңгактоочу буюмдар**

- [ ] Телефон зарядкасы
- [ ] Төшөк шейшептер
- [ ] Жардыргыч заттар
- [ ] Уктоочу баштык
- [ ] Жылуу кийимдер
- [ ] Саякатта керектелүүчү адаптери
- [ ] 200дөн ашык сигареттер

# КЕТЭЭРДЕН МУРУН ЭМНЕ КЫЛЫШЫМ КЕРЕК?

**>> Кыргызстандан чыга ала турганыңызды текшериңиз**

Эгерде сизде төлөнбөгөн карыздар болсо, анда Кыргызстандан кете албайсыз. Чет өлкөгө бара аласпы, жокпу төмөнкү кызматтын вебсайты аркылуу http://suddep.sot.kg/page/debtors текшере аласыз.




**>> Ичиндеги визасы бар паспортуңузду текшериңиз**

Бул виза Улуу Британияга кирүүгө жана иштөөгө мүмкүнчүлүк берет. Виза алуу жөнүндө суроолоруңуз болсо, Программанын оператору менен сүйлөшүңүз.



**>> Улуу Британиядагы турак жайыңызды кай жерде экенин түшүнүп алыңыз**

Кайда калаарыңыз жөнүндө көбүрөөк маалымат алуу үчүн, программаңыздын операторуна төмөнкү суроолорду бериңиз:

- Менин уктоочу жана жашоочу жайым канчалык чоң?
- Канча адам менен кошо жашайм?
- Эркектер жана аялдар үчүн турак жай жана уктоочу жайлар өзүнчө бөлөкпү?
- Менин буюмдарым жана жеке документтерим үчүн кулпуланган сактоочу жай барбы? Бул мен үчүн гана элеби?
- Мен жашаган жайда идиш-аяктар жана башка тиричилик буюмдар барбы же аларды өзүм менен кошо алып келүү керекпи?
- Мен өзүмдүн төшөгүмдү алып келишим керекпи?
- Менде Wi-Fi, ATM банкоматтарга, дүкөндөргө, медициналык жайларга, коомдук жайларга жана сыйынчуу жерлерге барууга мүмкүнчүлүк болобу?
- Wi-Fi га төлөшүм керекпи?
- Мени аэропорттон тосуп алып фермага жеткирүү үчүн төлөшүм керекпи?
- Мен фермадан тышкары чыкканда транспорт камсыз болобу жана ага төлөшүм керекпи?

**Сиз Улуу Британияга эмне алып келишиңиз керектигин билүү үчүн 48-баракчага өтүңүз.**

## >> Сиз алдыдагы учуу жана келүү жөнүндө маалымат алыңыз



Бардык маалыматтар, анын ичинде:

- Аба каттамынын аталышы
- Учуу катто номери
- Убакыт жана күнү
- Сиз учкан жана кетип бара жаткан аэропорттордун аты
- Багаждын көлөму жана салмагы
- Сизди Улуу Британияда аэропорттон тосуп алып, фермага жеткирген адамдын аты жөнү жана байланыш маалымат, же фермага өз алдынча кантип жетээриңиз жөнүндө маалымат
- Эгерде сиз аэропорттон фермага транспорт үчүн төлөшүңүз керек болсо, канча акча төлөнөөрүн тактап алыңыз



## >> Программанын оператору сизге саякат камсыздандыруусун бергенин текшериңиз. Камсыздандыруу полисинин деталдары операторунан көз караңды

## >> Сизге керектелүүчү документтердин баарын топтоп алыңыз



Операторуңуздан Улуу Британияга келип, иштөө үчүн кандай жеке документтерди керек болгонун сураңыз. Бул адатта төмөнкүлөрдү камтышы керек:

- Паспорт жана учак талон
- Учак жөнүндө маалымат
- Жумуш сунушу/контрак
- Камсыздандыруу документи
- Дары-дармек рецепти
- Оператор берген ферма жөнүндө маалымат
- Оператор менен байланыш маалыматы
- Аэропорттон фермага чеин жетиш үчүн акча (операторуңуз менен текшерип алыңыз) жана алгачкы бир нече күндүн ичинде тамак-ашыңыз үчүн.

## >> Документтериңизди сактаңыз

Бул документтер качан керек болорун эч качан билбейсиз, андыктан даяр болуңуз. Көчүрмөлөрдү жасаңыз же бардык документтердин так сүрөттөрүн алып, ишенимдүү үй-бүлө мүчөлөрү менен бөлүшүп, кийинчерээк кол алдында сакташ үчүн онлайн режиминде (электрондук почта же билдирүү платформалары аркылуу) өзүңүзгө жөнөтүңүз.





## >> Үйгө кантип тапкан акчаңызды жөнөтөөрүңүздү ойлонуштуруңуз

Кыргызстандан кетерден мурун үйгө акча жөнөтүүнүн ар кандай жолдорун билгениңиз сизге пайдалуу. Сиздин прогармма операторуңуз сизге онлайн Suits Me, OnePay, Unizest, Monzo and Revolut кызматтарынын банк эсебин ачууга жардам бериши мүмкүн. Банктын дареги, IBAN, эсеп номери ж.б. сыяктуу акчаны которуп жаткан каттоо эсебиңиздин бардык деталдарына көңүл буруп тактап алыңыз. Акчаны үйгө которуу үчүн программалык тиркемелерди жана акча которуу операторлорун колдонсоңуз болот. Эсиңизде болсун, үйгө акча которуу үчүн акы төлөшүңүз керек. Кайсы вариант сиз үчүн эң жакшы экендигин билүү үчүн төлөмдөрдү жана алмашуу курстарын текшериңиз.

## >> Үй-бүлө жана жакындарыңыз менен макулдашыңыз

Үй-бүлөңүз менен бюджетти, шашылыш байланыш маалыматты жана сиз жок болгон кездеги үй-бүлөлүк милдеттердин өзгөрүлүшүтөрүн, анын ичинде балдарга ким кам көрөөрүн талкуулаңыз. Эгер сиз үйгө акча жөнөтсөңүз, анда бул акчаны ким алаары жана ал кандайча колдонулаары жөнүндө макулдашыңыз.



## >> Даяр болуңуз

Улуу Британияда жасай турган ишиңиз жана жумуш шарттары жөнүндө мүмкүн болушунча көбүрөөк маалымат билип алыңыз. Бардык документтериңиздин, анын ичинде фермаңыз жөнүндө маалыматтын даяр экендигин текшериңиз. Мүмкүн болсо, буга чейин ушул сыяктуу программада иштеген адамдар менен сүйлөшүп, алардын тажрыйбаларын билип алыңыз.





## >> Улуу Британияда иштеп жаткан тааныштарга кайрылыңыз

Бул алардын тажрыйбасынын негизинде эмнени күтүүгө болорун түшүнүүгө жардам берет жана келгенде үйдөгүдөй сезүүгө көбүрөөк жардам берет. Ошондой эле Кыргызстандын элчилигинин телефонуңуздагы байланыш маалыматтарын сактап калышыңыз керек **(8чи модулда маанилүү номерлерди караңыз).**

# МЕН ӨЗҮМ МЕНЕН КОШО ЭМНЕ САЛЫШТЫРЫШЫМ КЕРЕК?

Салыштырып баштоодон мурун, сиз бир ирет тактап алышыңыз керек:

**(1) Авиакомпаниянын эрежелерине ылайык ала турган сумкалардын саны (багаж)**

**(2) Ар бир баштыктын максималдуу көлөмү жана салмак чеги – эгерде сиздин багажыңыз берилген салмактан ашып кетсе аэропортто кошумча акы алынышы мүмкүн**

**(3) Сиздин пограмманын оператору сиз менен алып келүүнү айткан буюмдарыңыз бар экендигин (мисалы, кийим-кече, төшөк ж.б.).**



**КЕҢЕШ** – *чемодандарыңыз үчүн кулпу сатып алып, ага дарек тегин же түстүү лентаны жабыштырыңыз, Улуу Британияга келгенден кийин аны аныктоого сизге жардам берет.*

## СИЗДИН ЧЕМОДАНЫҢЫЗДА (АЭРОПОРТТО ТЕКШЕРИЛЕТ)



## СИЗДИН КОЛ ЖҮГҮҢҮЗ (БУЛ СИЗ МЕНЕН УЧАК САЛОНДО БОЛОТ)



### УРУКСАТ БЕРИЛЕТ



Паспорт жана учак билети



Кошумча кийим-кече



Телефон, наушник, заряддагыч, ноутбук



Капчык




Рецепти менен дары-дармек



100мл аз болгон тунук идиштеги суюктуктар



Маанилүү документтер



Аялдардын гигиеналык каражаттары




Керектелүүчү гигиена буюмдары, нымдуу салфеткалар

### УРУКСАТ БЕРИЛБЕЙТ



100 мл ашык суюктук



Аэрозолдук баллон



Электрондук жабдууларыныздагы тыюу салынган маалымат



Курч буюмдар (мисалы, бычак, кайчы, ж.б.у.с.)

⚠ Эгерде багажыңыз ашыкча салмакта болсо, акы төлөшүңүз керек болушу мүмкүн, бирок аэропортто башка төлөш керек болгон акы жок (тамак-аш, суусундуктар жана башка аэропортто сатып алган төлөмдөрдөн тышкары).

# АЭРОПОРТТО КАТТООДОН КАНТИП ӨТСӨМ БОЛОТ?

Улуу Британияга жетүү үчүн, сиз транзит жайлар менен учасыз. Адатта, жол 12 саатка созулат, бирок узакка созулушу да мүмкүн. Саякат күнү Манас Эл аралык аэропортуна учуу убактысынан 3 саат мурун барыңыз. Төмөндө сапарыңыздан күтө турган нерселердин ар бир кадам процесси келтирилген.



# АЭРОПОРТТОН ӨТҮҮ

1 Маалымат таблодон учактын учуп кетүү жана катто убактысын карап табыңыз.







2 Катто жайына барып, паспортуңузду жана учуу брондооңузду көрсөтүңүз.




3 Каттоочу жайдан, чоң жүк багажды текшериңиз. Андан кийин чемоданыңыздын салмагы же учуу талону менен көйгөйлөр жаралбаса, учак бортуңузга өтүңүз.

**4** Паспорт контролдон өтүңүз.





**5** Коопсуздук аркылуу өтүп, коопсуздук кызматкери тарабынан сканерленүүчү лентага колдо жүрүүчү сумкаңызды коюңуз.



**6** Металл детекторунан текшерүүдөн өтүңүз (эгер денени текшериш керек болсо, эркектер эркектерди, ал эми аялдар аялдарды гана текшере алышат).

**КЕҢЕШ –** *эгер сизге аэропортто жардам керек болсо, аэропорттун кызматкеринен сураңыз. Сиз маалымат үчүн акы төлөбөшүңүз керек.*

**7** Учакка чыгуу жайын табыңыз, кетүү убактысынан кеминде 30 мүнөттөн 1 саатка чейинки аралыкта ал жайга барып турушуңуз керек. Бул маалыматты учак билетиңизден таба аласыз.






**8** Акырында, учакка отуруп, учак талонду стюардессага көрсөтүңүз, ал отургучту табууга жардам берет.

# УЧУУ УЧУРУНДА



Сизди коопсуздугуңузду камдоо жана учуу учурунда сизге кызмат кылуу үчүн учактын стюардессалары бар. Алардын көрсөтмөлөрүн кунт коюп угуңуз. Эгерде сиз стюардессаңызды түшүнбөсөңүз, анда учууда бирөөдөн жардам сураңыз. Мүмкүн болсо, алар менен байланышууга жардам берүү үчүн телефонуңузга котормо колдонмосун жүктөп алууга аракет кылыңыз.



Телефонуңуз жана башка электроника учак режиминде болушу керек же учуу учурунда өчүрүлүшү керек.



Коопсуздук куру белгисиндеги жарык өчүп калганда гана ордуңуздан тура аласыз.



Учакта тамеки тартуу уруксат эмес.



Тез даяр тамак жана суусундуктар бекер, бирок сиз дайыма стюардессадан сурап турушуңуз керек. Сиз ошондой эле учактын бортуна өзүңүздүн тамак-ашыңызды ала аласыз, бирок эт же сүт азыктарын, ошондой эле суюк тамактарды ала албайсыз..



Башка жүргүнчүлөргө жана учактын тобуна сый-урмат менен мамиле кылыңыз.

**КЕҢЕШ –** *учакта кулагыңызга басымдан тунуп калышы мүмкүн. Эстен, суу ичип же сагыз чайнап көрүңүз*

# ТРАНЗИТ ЗОНАДА (ТРАНЗИТ УЧУУ)

Сиздин Улуу Британияга саякатыңыз башка өлкөлөр аркылуу учууну талап кылышы мүмкүн. Бул Улуу Британияга бара жатып, башка өлкөдөгү башка учакка өтөсүз дегенди билдирет. Транзиттик өлкөгө келгенде, учактан чыгып, «Которуулар», «Транзит» же «Байланыштар» (аэропортко жараша) деген белгилерди караңыз. Сиз кийинки рейсиңиздин дарбазасын таба турган аймакка жеткирилесиз.




# УЛУУ БРИТАНИЯГА КОНУП КЕЛҮҮ

1 Учактан түшкөндөн кийин паспорттук көзөмөл/иммиграция деген жайга өтүңүз. «Учуп келүү» деген белгилерди издеңиз






2 Иммиграция кызматкери сиздин документтериңизди карап чыгып, англис тилинде суроолорду бериши мүмкүн, мисалы, “What job will you have in the UK” / «Улуу Британияда кандай жумушта иштейсиң», “How long are you staying in the UK?” / «Улуу Британияда канча убакыт жүрөсүң?», “Where will you be living?” / «сен кайда жашайсың?» Сураныч, сабыр кылып, тынчтанып бардык суроолорду түшүнүп, документтериңизди даярдап алыңыз. Эгер сиз англис тилинде сүйлөп жатканыңызга ишенбесеңиз, аларга жоопторду жазып коюу ар дайым пайдалуу. Сураныч, Улуу Британиядагы дарегиңизди жазып алыңыз. Эсиңизде болсун, сизге ушул суроолор башка өлкөдө да транзит учурунда берилиши мүмкүн (мисалы, жаңы учакка которулуп жатсаңыз).

3 Багажыңызды алуу үчүн “багаж алуу” бөлүмүнө өтүңүз. Сиздин жүктөрүңүз жүк конвейерден чыгат.




**КЕҢЕШ –** *эгерде сумкаларыңызды таба албасаңыз, кардарларды тейлөө боюнча жардам столуна кайрылыңыз..*




4 Жүктү (багажды) алгандан кийин, коопсуздук кызматкери сизден Кызыл канал  аркылуу өтүүнү суранбаса (декларациялоо үчүн бир нерсе болсо), Жашыл каналды колдонуп чыгууга өтүңүз (декларациялоо үчүн эч нерсе жок болсо), Бул этапта коопсуздук кызматкери сиздин багажыңызды текшерүүнү суранышы мүмкүн. Бул сизге уруксат берилбеген нерсени таңгактап койсоңуз же аэропорттун стандарттык коопсуздук процедуралары катары болушу мүмкүн.

5 Эгер сиз Глазго аэропортуна же Эдинбург аэропортуна келсеңиз, анда сезондук жумушчулардын программасында иштөө жөнүндө көбүрөөк маалымат бере турган баракчаларды таба аласыз. Аэропорттун кызматкерлери менен байланышууга жардам керек болсо мобилдик котормо колдонмосун колдонсоңуз болот.



6

Сураныч, операторуңуздан аэропорттон чыгып, фермаңызга кантип жетүү керектигин жана транспорт үчүн өзүңүз төлөшүңүз керекпи же жокпу деп сураңыз, 108-бетте операторуңузга бере турган суроолордун тизмеси бар.



МОДУЛЬ 3

# СИЗДИН ЖУМУШУҢУЗ ЖАНА ИШ ШАРТТАРЫҢЫЗ



Келишимдин үлгүсүн карап чыгыңыз жана келишимдин айрым негизги бөлүмдөрүн тизмелөө үчүн бул баракчаны колдонуңуз:

| Жумуш убактысы | Акча | Өргүү | Ден-соолук жана коопсуздук | Турак жай |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

# МЕН КАНДАЙ ЖУМУШ АТКАРАМ?

## >> Фермалардын түрү

Улуу Британияда сиз жашылча фермасында, мөмө фермасында же мөмө-жемиш фермасында иштейсиз. Сиз гүлдөрдү, бак-дарактарды же козу карындарды өстүргөн фермада да иштешиңиз мүмкүн, бирок бул азыраак кездешет. Алгачкы эки жумада сиз бат иштөөнү үйрөнүшүңүз керек болот. Фермага келгенге чейин ушул сыяктуу жумушка даяр болушуңуз керек.



## >> Жашылча фермалар

Жашылча фермаларда сиз көбүнчө белди бүгүп иштейсиз. Булчуңдарыңыз жумуш учурунда жана андан кийин ооруйт, андыктан сизге күчтүү болуу керек жана ушул сыяктуу жумушка даяр болуш зарыл





## >> Мөмө фермалар

Мөмө фермаларда түз туруп иштесеңиз болот, бирок мөмөлөр жерде болсо, белди бүгүлүп иштөөгө мажбур болосуз.Сиз күчтүү колу-көз координация болушу керек жана кол манжаларыңызды жакшы иштетиш керек. Бул көбүрөөк мөмөлөрдү терип, көбүрөөк киреше табуугадам берет.





## >> Мөмө-жемиш фермалар

Мөмө-жемиш фермаларда көбүнчө колуңузду көтөрүп иштейсиз.
Сиз чыдамдуу болушуңуз керек жана сизде күчтүү белиңиз жана колдоруңуз болушу керек.



# МЕН КЕЛИШИМ ТУРАЛУУ ЭМНЕНИ БИЛИШИМ КЕРЕК?

## >> Схема Оператору менен болгон келишим

Сиздин программа операторуңузга жараша, сиз иш келишимге кол коюудан мурун Кыргызстанда жүргөндө операторуңуз менен макулдашуу келишимин түзсөңүз болот. Бул келишимде сиз күтүлгөн жоболор жана шарттар камтылат. Сиздин жумуш келишимиңизде сиз мурда кол койгон макулдашуудан айырмаланган туура эмес жоболор жана шарттар болбошу керек.

Операторуңуздан келишим боюнча сизге эмне тиешелүү экендигин сураңыз. 108-беттеги операторуңузга бере турган башка суроолордун тизмеси бар.

## >> Сиздин иш келишмиңиз

Сиздин келишим жумушуңуздун жобосун жана шарттарын, ошондой эле жумушчу катары укуктарыңызды жана милдеттериңизди түшүнүү үчүн маанилүү документ болуп саналат. Келишимге качан кол коеруңуз операторуңуздан көз каранды болот. Сиз аны Кыргызстанда жүргөндө кол койсоңуз болот, же фермага келгенде кол койсоңуз болот.

Келишимди сиз билген тилиңизде (Кыргызча) жана англис тилинде алууга укугуңуз бар. Бирок, сиз келишимди орус тилинде алышыңыз да мүмкүн, андыктан ага даяр болуңуз. Сиз котормочу колдонмосун колдонсоңуз болот же сизге жардам берүү үчүн орусча сүйлөгөн адамдан сурасаңыз болот. Келишимдин котормосу үчүн кошумча эч нерсе төлөөнүн кажети жок. Келишимди түшүнбөсөңүз, ферма же схема оператору менен сүйлөшсөңүз болот. Ошондой эле сиз Англияда иштесеңиз, Эмгек Укуктары Борборуна же Шотландияда иштесеңиз, Жумушчуларды Колдоо Борборуна кайрылсаңыз болот. Алардын байланыш маалыматтары 101 бетте.

Келишимдин так деталдары сиздин фермаңызга жараша айырмаланат. Келишимге качан кол коюу жөнүндө көбүрөөк маалымат алуу үчүн операторуңуздан сураңыз. 108-беттеги операторуңузга бере турган башка суроолордун тизмеси бар.

## >> Келишимдин түрү

Жумасына кеминде 32 саат акы төлөнүүчү жумушка кепилдик берген келишим түзүшүңүз керек. Сизге жумасына кеминде 32 саат акы төлөнүүчү жумуш үчүн акы төлөнөт, эгерде сиз сунушталган жумушка макул болуп, талап кылынганды аткарсаңыз.  Жумуш берүүчүңүз менен жазуу жүзүндө макулдашуу болбосо, жумасына орто эсеп менен 48 сааттан ашык иштөөгө мажбур болбоңуз. Фермада иштей баштаганда жумасына 48 саат иштөөгө макул же макул эместигиңизди тандап аласыз.

Сизге «нөл сааттык» келишим берилбейт. «Нөл сааттык» келишиминде мындай деп айтылат:

- Ферма сизге жумуш берүүнүн зарылдыгы жок
- Сизге сунушталган жумуштан баш тарта албайсыз
- Сизде минималдуу жумуш убактысы жок

Эгер сизге "нөл сааттык" келишим берилген деп ойлосоңуз, анда фермаңыз менен сүйлөшүңүз. Эгер сизге көбүрөөк жардам керек деп ойлосоңуз, анда программанын операторуна чалыңыз. Эгер сиз Англияда болсоңуз, анда Эмгек Укуктары Борборун же Шотландияда болсоңуз, Жумушчуларды Коргоо Борборун байланышып көрсөңүз болот.

## >> 48 сааттык иш жумадан баш тартуу

Жумуш берүүчүңүз менен жазуу жүзүндө макулдашпасаңыз, жумасына орто эсеп менен 48 сааттан ашык иштөөгө мажбур болбоңуз. Эгерде сиз жумасына 48 сааттан ашык иштөөнү тандасаңыз, анда бул «баш тартуу» деп аталат. Фермада иштей баштаганда сизге «баш тартуу» тандоосу берилет.



Жумуш берүүчүңүз сизди «баш тартууга» мажбурлай албайт. Жумасына 48 сааттан ашык иштөөнү каалабасаңыз, «баш тартуу» келишимин каалаган убакта жокко чыгарсаңыз болот, бирок жумуш берүүчүңүзгө алдын-ала кабарлап турушуңуз керек («эскертүү мөөнөтү» деп аталат).

Бул эскертүү мөөнөтү баш тартуу келишиминде жазылганга жараша болот, бирок эч качан 3 айдан ашык болушу мүмкүн эмес. Эгерде келишимде эскертүү мөөнөтү жөнүндө эч нерсе айтылбаса, анда ал 7 күнду түзөт.

## >> Келишимдеги маанилүү маалымат

Төмөндөгү маалымат сиздин келишимде болушу керек:

- Жумуш берүүчүңүздүн аты-жөнү жана дареги
- Сиздин аты-жөнүңүз
- Жумушуңуздун аталышы жана ролу жөнүндө маалымат
- Жумуштун башталыш күнү
- Сиздин майанаңыз, канча жолу жана качан төлөөрү (мисалы, бир саатына £12,21 фунт стерлинг, минимум 32 саат, ар Жума куну төлөм кылынат)
- Саатына же берилген тапшырмасына карап төлөнөт
- Жумуш ордуңуздун дареги
- Сиз же жумуш берүүчүңүз билдирүүгө тийиш болгон эскертүү мөөнөтү жана жумушка орношуу
- Жумушуңуз канча убакытка чейин созулат
- Сиз жумасына минималдуу иштөө саатыңыз (32 сааттан кем болбошу зарыл), анын ичинде кайсы күндөрү жумушчу иштеши керек
- Пенсиялык чегерүүлөр
- Төлөнүүчү эс алуу күндөрдүн акысынын суммасы жана ал кандайча эсептелинет

Эгерде бул маалымат келишимге кирбесе, анда жумуш берүүчүңүздөн ушул маалыматты кайдан таба алаарыңызды сураңыз.

## >> Жумушуңузду эрте бүтүрсөңүз

Эгер фермаңызга же жумушуңузга ыраазы болбосоңуз, которууну сурасаңыз болот. Башка фермага которуу кепилденбейт. Ошондой эле жумушуңузду токтотуп каалаган убакта каалаган себептен үйгө кайтып келе аласыз

Ферма да сизди жумуштан эрте бошотушу мүмкүн, эгер:

- Сиз сыноо мөөнөтүнөн өтпөсөңүз. Сиз дагы эле фермада окуп жаткан учуруңуз болсо. Себеби, окуу канчага созуларын сиздин фермаңыз чечет.
- Сиз жашаган жайдын тартибин, ден-соолукту жана коопсуздукту сактабай, жана башка ферманын эрежелерин бузуп жатсаңыз
- Түшүм жыйноо мезгили аяктаса же түшүм жетишсиз болсо
- Сиз ооруп, иштей албасаңыз
- Сиздин фермаңызда же башка фермада жумуш жок болсо.

Эгер жумушуңуз эрте бүтүп, эч кандай котруу болбосо, Кыргызстанга кайтып барышыңыз керек жана Улуу Британияда кала албайсыз. Сиз Улуу Британияда жүргөндө башка жумушта иштей албайсыз.

# УЛУУ БРИТАНИЯДА КАНЧА УБАКЫТ ИШТЕЙМ?



Сезондук жумушчулардын программасы сизге Улуу Британияда 26 жумага чейин (алты айга чейин) калууга жана иштөөгө мүмкүнчүлүк берет. Сиз иштеген жумалардын саны канча акча таба алаарыңызды аныктайт.

Төмөндөгү себептерден улам сиз иштеген жумалардын саны кыскартылышы мүмкүн:

- ферма мындан ары жумушчуларга муктаж эмес
- ферма сизге жумуш сунуштай албайт, анткени эгиндер аз, аба ырайы начар же эгин мезгилинин аягы
- виза алууда кечигүү болду
- сиз сыноо мөөнөтүнөн өтпөй калдыңыз

# СЫНОО МӨӨНӨТҮ БАРБЫ?

Сыноо мөөнөтү - сиздин жумушуңуздун башталышындагы мезгил, анда жумуш берүүчү сиздин ишиңизди туура аткарып жатканыңызга ынануу үчүн сиздин ишиңизди баалайт. Бул мөөнөттөн кийин, жумуш берүүчүңүз сиз “өттүңүз” деп чечет. Эгерде Сиз сыноо мөөнөтүнөн өтүп кетсеңиз, анда жумушуңузду улантып, келишимдин аягына чейин Улуу Британияда каласыз.

Сыноо мөөнөтү сизге жумуш берүүчү фермадан көз каранды. Эгер сиз ушул мөөнөттөн өтпөй калсаңыз, анда сиз жумуштан бошотулуп, Улуу Британиядан эртерээк кетишиңизге туура келет. Сыноо мезгилинде, ишиңизди улантуу үчүн ферма белгилеген иш аракеттер белгилүү бир деңгээлине жооп бериши керек болот.

Иш аткаруу талаптарынын стандарттарына жетүү кыйын болушу мүмкүн, айрыкча, сиз жаңы эле иштеп баштаганда жана алар белгилүү бир мезгилде жумуш берүүчү фермаңызга жана суроо-талапка жараша өзгөрүшү мүмкүн.

Эгерде сизде сыноо мөөнөтү же аткаруу талаптары жөнүндө суроолоруңуз болсо, анда Улуу Британиядагы операторуңузга же бейөкмөт уюмдарга, мисалы, эмгек укуктары борборуна кайрылыңыз (байланыш маалыматтары үчүн 101 баракчаны караңыз).

# МЕН КИМ МЕНЕН ИШТЕЙМ?

Сиздин кесиптештериңиз жана жетекчилериңиз дүйнөнүн ар кайсы бурчунан жана ар кандай маданияттардан келишет. Алар аял же эркек, ар кандай диндердин, улуттардын, расалардын жана улуттардын өкүлдөрү болушу мүмкүн.

Фермадагы жетекчиңиз аял болушу мүмкүн деген жакшы ыктымал бар. Жетекчиңиз менен кызматташып, алардын көрсөтмөлөрүн аткарып, аларга жынысына карабастан урматто менен мамиле жасашыңыз керек.

Ар бир адамды сыйлоо маанилүү – жынысына, улутуна, маданиятына же динине карабастан. Эгерде сизге улутуңуз, маданиятыңыз, жынысыңыз же диниңиз үчүн адилетсиз мамиле жасалып жатат деп ойлосоңуз, анда муну фермаңыздын адам ресурстары бөлүмүнө, же социалдык кызматкерге же программанын операторуна билдириңиз.

Сиз Эмгек укуктары борборуна (Work Rights Centre) же Шотландиянын жумушчуларды колдоо борборуна (Scotland Worker Support Centre) кайрылсаңыз болот.  Алар менен байланышуу маалыматы 101 жана 102 беттеринде көрсөтүлгөн.

МОДУЛЬ 4

# СИЗДИН ЖАШОО ШАРТТАРЫҢЫЗ



# МЕН КАЙДА ЖАШАЙМЫН?

Сиз кээде жатаканалар жана уктоочу корпустар бар болсо да, фермаңыздагы фургондордо же мобильдүү үйлөрдө жашай аласыз. Адатта, фургондо 4-6 адам жашайт жана сиз уктоочу бөлмөнү башкалар менен бөлүшөсүз. Бул сиздин иш берген фермаңызга жараша болот.

Сиздин турак жай жөнүндө конкреттүү маалымат алуу үчүн жумуш операторуңузга кайрылыңыз. Сиздин жашоо мейкиндигиңизге төмөнкүлөр кириши керек:



**Кухня**

**Тамак бышыруучу жай**

**Микроволновка**

**Муздаткыч**

**Туалет жана душ**

Сиздин турак жайыңызга төмөнкүлөр да кириши мүмкүн:

**WiFi (сиздин фермаңызга карап, акысыз же акы төлөө менен болушу мүмкүн)**

**Идиш-аяктар жана идиштер**

⚠ Бул ыңгайлуулуктар сиздин кербениңизде же өзүнчө коммуналдык мейкиндикте болушу мүмкүн

# ТУРАК ЖАЙДА КАНДАЙ КЫЙЫНЧЫЛЫКТАРГА ТУШ БОЛУШУМ МҮМКҮН?

Эгерде сиз Улуу Британияда жүргөндө жашаган жайыңыз менен кыйынчылыктарга туш болсоңуз, анда аларды фермаңызга жана программанын операторуна билдириңиз. Эгерде сиз ден-соолугуңуз же коопсуздугуңуз коркунучта деп ойлосоңуз, анда муну ден-соолук жана коопсуздук башкармалыгына билдириңиз. Ошондой эле, аны Эмгек Укуктар борборуна билдирсеңиз болот. Алардын байланыш маалыматтарын 102 жана 103 б. таба аласыз.
Бул маселелердин айрымдары төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- **Көк**
- **Нымдуулук**
- **Түтүктөрдүн агышы**
- **Катуу суук**
- **Чычкандар же зыянкечтер**
- **Туура эмес же такыр терезелер жок**
- **Эшиктердин кулпусу жоктугу**
- **Ар бир адамга керебеттер жетишсиз**
- **Ажатканасы иштебейт**

# МЕН ӨЗҮМ МЕНЕН ЭМНЕ АЛЫП КЕЛИШИМ КЕРЕК?

Кыргызстанда жүргөндө турак жай үчүн эмнени ала келүү керектигин же сатып алуу керектигин эсиңизге салуу үчүн ушул тизмесин колдонуңуз:

- [ ] Тамак бышыруу үчүн идиштер жана идиш-аяктар (программапрограммаңыздын операторунан жашаган жайыңызда эмне жана эмне берилбегенин сураңыз)
- [ ] Биринчи күндөрү жей турган тамак-аш
- [ ] Төшөктөр, анын ичинде төшөк шейшептери, жаздыктар, жаздык шейшеп, сүлгүлөр жана жууркан.
- [ ] Уктоочу баштык, тамак-аш үчүн контейнер жана идиш
- [ ] Биринчи жардам топтому (бинт, йод, аллергия дарысы)
- [ ] Башка сиз ичкен дары-дармек
- [ ] Улуу Британияга ылайык адаптор (230 V)
- [ ] Кеминде £150, сиздин биринчи айлыгыңыз тийгиче короткону үчүн.

Аэропорттон фермага жетиш үчүн кошумча акча керек болушу мүмкүн. Схемаңыздын операторунан бул сизге тиешелүүбү же жокпу деп сураңыз.



Эгерде сиз кыш айларында Улуу Британияда иштеп жатсаңыз, анда сизди жылуу жана ыңгайлуу кармаган туура кийимдерди алып келиңиз:

- [ ] Жылуу, суу жана шамал өтпөгөн куртка жана шым
- [ ] Бекем ыңгайлуу бут кийим
- [ ] Резина өтүк жана жумушчу кол кап (бул сизге берилерин,  операторуңуз менен текшерип алыңыз),
- [ ] Термо ич-кийим
- [ ] Жүн байпак жана ортопедиялык буттун тамандары.

# МАГА СИМ-КАРТА БЕРИЛЕБИ?



Операторуңуздан акысыз сим картасы менен камсыз болор-болбосун сураңыз.
108-беттеги операторуңузга бере турган башка суроолордун тизмеси бар.

# ТУРАК ЖАЙ ЧЫГЫМДАРЫН ЭСЕПТӨӨ

## >> Жашаган жайдын баасы



Улуу Британиядагы жашаган жайыңыз үчүн төлөшүңүз  керек. Сиз турак жай үчүн күнүнө 10,66 фунт стерлинг же жумасына 74,62 фунт стерлинг төлөшүңүз керек болот, бирок бул фермаларга жараша өзгөрүшү мүмкүн.

Сиздин турак-жай наркы эмерек, газ жана электр энергиясын камтышы керек. Кир жуугуч жана газ жана электр энергиясынын айрым чыгымдары кошумча алынышы мүмкүн, бирок алар адатта сиздин турак жай чыгымдарыңыздын бир бөлүгү катары камтылат. Турак жай чыгымдарын түшүнүү үчүн программа операторуңуздан көбүрөөк маалымат сураңыз.

Эгерде сиз бул кызматтар үчүн кошумча төлөөгө мажбур болсоңуз, анда фермаңызга, андан кийин программанын операторунан кеңеш сурап кайрылыңыз. Эгер сиз Англияда болсоңуз Эмгек Укуктары Борборуна жана Шотландияда болсоңуз Жумушчуларды Колдоо Борборуна кайрылыңыз.



## >> Англияда жана Шотландияда

Эгерде сиз Улуттук минималдуу эмгек акыдан көп акча тапсаңыз, турак жай чыгымдары күнүнө 10,66 фунт стерлингден же жумасына 74,62 фунт стерлингден жогору болушу мүмкүн.



## >> Уэльсте

Сизден турак жай үчүн күнүнө 6.31 фунт стерлинг же жумасына 44.17 фунт стерлингтен жогору акы алынбайт.



## >> Түндүк Ирландияда

Сизден турак жай үчүн күнүнө 7.81 фунт стерлинг же жумасына 54.71 фунт стерлингтен жогору акы алынбайт.

## >> Жашоого кеткен акча

Тамак-аш жана кир жуугуч, электр энергиясы жана Wi-Fi сыяктуу башка чыгымдарды төлөшүңүз керектигин унутпаңыз.



Тамак-аш жана азык-түлүк азыктарынын жумасына 30дан 60 фунт стерлингге чейин болушу мүмкүн.

Соода жана азык-түлүк үчүн жакынкы шаарга саякаттоо үчүн транспортту уюштуруу жана төлөө керек болушу мүмкүн. Кээ бир супермаркеттер жеткирүү кызматтарын өтө арзан баада сунушташат жана кээ бир фермалар сизге азык-түлүк жеткирүүгө мүмкүнчүлүк берет. Социалдык кызматкерден сураңыз.

Сураныч, кийим-кече, социалдык жана эс алуу, жана башка иш-чаралары жана белектер үчүн төлөөнү эске тутуңуз. Ошондой эле банктык которуулар үчүн жана акчаны алуу үчүн акы төлөшүңүз керек болушу мүмкүн.

МОДУЛЬ 5

# СИЗДИН ДЕН-СООЛУГУҢУЗ ЖАНА КООПСУЗДУГУҢУЗ



Ден-соолук жана коопсуздук маселесин тандап, аны кантип чечип, келечекте аны алдын алууну сунуштаңыз:

**Чарчоо**

*Сунуш:*

*Сунуш:*

*Сунуш:*

*Сунуш:*

# МЕНИН ЖУМУШУМ ҮЧҮН ДЕН-СООЛУККА КАНДАЙ ТАЛАПТАР БАР?

- Сизге сунушталган фермага макул болуунун кажети жок жана, азыркы фермаңызда иштей берсеңиз болот эгер алар сиз үчүн жумушу болсо

## >> Мага эмне кылууга уруксат берилбейт?

- Сиздин жумуш берүүчүңүз, эгер которуу четке кагылса, которуу чечимине даттанууга уруксат бериши керек эмес.
- Эгер которуу өтүнүчүңүз четке кагылса, Жумуш берүүчүңүз сизге себеп көрсөтүүнүн милдеттүү.

# МАМИЛЕ

### >> Менин укуктарым кандай?

- Сиздин жынысыңызга, улутуңузга, расаңызга, диниңизге же башка өзгөчөлүктөрүңүзгө негизделген басмырлоодон коргоонууга укугуңуз бар.
- Диниңизди эркин тутууга укугуңуз бар.

### >> Жумуш берүүчүлөрдүн милдеттери кандай?

- Сиздин жумуш берүүчүңүз сизге адилеттүү жана сый-урмат менен мамиле кылышы керек.
- Сиздин жумуш берүүчүңүз фермадагы басмырлоону жана куугунтуктоону алдын алышы керек .

### >> Менин милдеттерим кандай?

- Эгерде сиз кесиптештериңиздин кимдир бирөөсүн куугунтуктап, басмырлап же адилетсиз мамиле кылып жатканын көрсөңүз, анда аны фермаңызга жана программа операторуңузга билдирип коюңуз.
- Сиз ар дайым кесиптештериңизге жынысына, рассасына, динине же улутуна же башка өзгөчөлүктөрүнө карабастан, адилеттүү жана урматтоо менен мамиле кылышыңыз керек.

# ЖАШОО ШАРТТАРЫҢЫЗ

# ЖАШАГАН ТУРАК-ЖАЙЫҢЫЗ

### >> Менин укутарым кандай?

Сиздин жашоо жана уктоо мейкиндигиңиз коопсуз болушу керек, тамак бышыруучу жай, муздаткыч, ашкана, керебет жана дааратканa болушу керек.

### >> Менин милдеттерим кандай?

Турак жайыңызды таза жана тыкан кармашыңыз керек.

# ЖАШОО ЧЫГЫМДАРЫ

### >> Менин милдеттерим кандай?

Кыргызстанда да, Улуу Британияда да программа боюнча төлөшүңүз керек болгон нерселер менен таанышуу керек.

# ДЕН-СООЛУК ЖАНА КООПСУЗДУК

### >> Менин укуктарым кандай?

- Сиз кырсыктарга жана шашылыш жардамга акысыз медициналык жардам алууга укуктуусуз .
- Сиз жалпы практика клиникасында акысыз катталсаңыз болот.
- Сизге тиешелүү жеке коргонуу каражаттары берилиши керек. (56-бетти караңыз)
- Эгер сиз белгилүү бир шарттарга туура келсеңиз, расмий оору боюнча жөлөкпул алууга укуктуусуз. (71-бетти караңыз)
- Сиздин программанын оператору сизге медициналык камсыздандырууну бекер бериши керек. Айрым медициналык дооматтар боюнча кошумча чыгымдарды төлөөгө туура келиши мүмкүн.
- Эгерде сиз кош бойлуу болсоңуз, анда сиз төрөткө чейинки кам көрүү үчүн акы төлөнүүчү өргүүгө укуктуусуз.
- Эгер сиз Шотландияда иштесеңиз, бардык медициналык кызматтарыңыз акысыз болушу керек.

### >> Менин жумуш берүүчүмдүн милдеттери кандай?

- Сиздин фермадагы жумуш берүүчүңүз ферманын ден-соолук жана коопсуздук эрежелерин, анын ичинде Каржы салыкты кантип колдонууну жана сактоону түшүндүрүшү керек.
- Жумуш берүүчүңүз кош бойлуу болсоңуз, эмчек эмизсеңиз, же сиз акыркы 6 айда төрөсөңүз жумушуңузга жана жашоо шартыңызга өзгөртүүлөрдү киргизиши керек.
- Бул ар дайым эле мүмкүн боло бербейт жана сизден Кыргызстанга кайтууну суранышы мүмкүн, анткени сизге ылайыктуу жумуш жок.

### >> Менин милдеттерим кандай?

- Сиз ферма менен түшүндүрүлгөн ден-соолук жана коопсуздук эрежелерин сакташыңыз керек.
- Жеке коргонуу каражаттарыңызды этияттап, аны текшерип турушуңуз керек.

- Эгерде сиз кош бойлуу, эмчек эмизген болсоңуз же акыркы 6 айдын ичинде төрөгөн болсоңуз, жумуш берүүчүңүзгө сиздин иштөө жана жашоо шартыңыз-ды өзгөртүүсү үчүн кабарлашыңыз керек. Бул дайыма эле мүмкүн боло бербейт, ошондуктан Кыргызстанга кайтып келүүгө туура келип калышы мүмкүн, анткени сизге ылайыктуу жумуш жок.

### >> Менин эмнеге укугум жок?

- Акы төлөнүүчү декреттик өргүү же жөлөкпул ала албайсыз.

# УЛУУ БРИТАНИЯ

## ФЕРМАДАН КЕТҮҮ

### >> Менин укуктарым кандай?

- Сиз жумуш программасын каалаган убакта таштап, Кыргызстанга кайтып келсеңиз болот. Бирок жумуш программасын таштап Улуу Британияда кала албайсыз.
- Сиз ферманы жумуш берүүчүңүздүн уруксаты менен гана таштап кете аласыз.

### >> Менин эмнеге укугум жок?

- Эгерде сиз жаңы фермага өтпөсөңүз, анда фермаңызды таштап, башка бирөөгө иштей албайсыз.
- Эгер кимдир бирөө фермаңызды таштоого көндүрсө, алардын кеңешин аткарбаңыз. Эгер кармалып калсаңыз Улуу Британиядан кетүүгө аргасыз болосуз.
- Эгер сиз фермаңызды таштап, башка жерде иштесеңиз, Улуу Британияда мыйзамсыз иштейсиз. Улуу Британияда сиз 6 айга чейин эркинен ажыратылышыңыз мүмкүн. Башка жумуш берүүчүдө иштеп тапкан акчаңыз полиция тараптан алынып калат.
- Эгер кармалсаңыз, сиз дагы Кыргызстанга жөнөтүлөсүз.
- Тартипсиз жумушчу катары сиз турак-жайды сактай албайсыз жана Улуу Британиядагы медициналык процедуралар үчүн акы төлөшүңүз керек болот.
- Сиз ошондой эле адам сатуудан коргоого жардам берген эмгек укуктарыңыздан айрыласыз.

### >> Менин жумуш берүүчүмдүн милдеттери кандай?

Эгер сиз фермадан Улуу Британиядан көчүп кеткениңизди далилдебестен кетип жатсаңыз жана алар сизди сезондук жумушчулар программасы боюнча иштебейт деп ойлосо, жумуш берүүчүңүз сизди бийликке билдириши керек.

# ПРОФСОЮЗДАР

### >> Менин укуктарым кандай?

Сиз профсоюзга кирүүгө акыңыз бар. www.tuc.org.uk/join-a-union ушул вебсайттан Улуу Британиядагы профсоюздар жөнүндө көбүрөөк маалымат жана кантип кошулсаңыз болоорун биле аласыз.

# НЕГИЗГИ СЦЕНАРИЙЛЕР

1. Амангүл күйөөсүн жана баласын сагынат жана алардын Улуу Британияга келишин каалайт. Ал муну кылууга укугу барбы?

Жок. Ал Улуу Британияда болгондон кийин үй-бүлөсүн алып келе албайт. Бирок, айрым адамдар Кыргызстандан жубайлары менен келип бирге иштешет.

2, Амина кесиптешинин кош бойлуу экенин жана кош бойлуу кезинде иштей албай турганын билет. Кесиптешинин декреттик өргүүгө же ден соолугуна байланыштуу жөлөк пул алууга укугу барбы?

Ал Улуу Британияда жүргөндө декреттик өргүү, акы же жөлөкпул ала албайт, бирок Ал төрөлгөнгө чейин же кош бойлуулук учурунда сааттык эмгек акысына жараша акы төлөнүүчү өргүү ала алат. Ал кош бойлуу кезинде иштей албаса, ден соолугунан улам жөлөкпул ала алат.

3, Жумуш берүүчү Канатка акыркы дем алыш күнүнөн бир жума болгонуна карабастан, ал эс ала албай турганын айтат. Анын жумуш берүүчүсү муну айтууга укуктуубу?

Ооба. Жумасына 1 күн эс алсаңыз болот же 14 күндүн ичинде 2 күн катары менен эс алсаңыз болот.

4. Мирлан башка жакка которулууну сурады жана ал фермада көбүрөөк жумуш менен камсыз болооруна ишенет. Биорк котруу четке кагылат. Ал бул чечимге каршы даттана алабы?

Ооба, бирок бул кайрылууну карап чыгуу укугу жок.

5. Аселдин фермадагы кесиптеши ичкиликке берилип, башкаларды тынчсыздандырган. Бул жагдайда жумуш беруучунун укуктары кандай?

Жумуш беруучу чарбанын эрежелерине жана кырдаалдын олуттуулугуна жараша бул кесиптешинин келишимин эскертууго же токтотууга укуктуу, бирок аны аткаруу процедурасы бар.

6. Айдар жумушта кырсыкка учурап, иштей албай калат. Ал кандайдыр бир компенсация алабы? Жумуш беруучусу келишимди буза алабы?

Компенсация же жөлөкпул алуу укугу программанын операторунун медициналык камсыздандыруу полисинде кеңири баяндалат. Айдардын жумуш беруучусу, эгерде ал жаракат алгандыктан иштей албай калса, келишимди бузушу мумкун.

Медина фермадан кетип, Лондондо курулуш жумушта иштеп баштаган. Мунун кесепети кандай?

Ал камакка алынышы, айып пул салынышы мумкун жана ошол мезгилде тапкан акчалары алардан алынышы мумкун. Ал ошондой эле Улуу Британиядан депортация болушу мумкун жана келечекте кируугө тыюу салынышы мумкун.

8. Майрам келишимге кол коюп, Улуу Британияга виза жана билет төлөп берди, бирок каржылык тобокелдиктер жөнундө ой жугуртуп, барбоону чечти. Азыр ал артка чегинууге укугу барбы?

Ооба. Ал каалаган учурда бул программадан чыгып кетиши мумкун. Эгер ал Улуу Британияда болсо, анда ал туура эрежелерди сакташы керек.

9. Турсун ферманын эрежелерин эстей албайт. Бул үчүн жумуш берүүчү жооптуубу?

Жок. Алар жөнүндө кабардар болгондон кийин эрежелерди эстеп калуу үчүн сиз жооптуусуз. Эгерде сиз кандайдыр бир эрежелерди унутуп калсаңыз, тиешелүү байланышты сураңыз же зарыл болгон учурда Колдонмого кайрылыңыз.

10. Жибек пенсия төлөгүсү келбейт. Жумуш берүүчү аны пенсияга төлөмдөргө киргизди. Пенсия төлөө милдеттүүбү? Бул жагдайда жумуш берүүчү эмне кылууга милдеттүү?

Жок, бул милдеттүү эмес. Жумуш берүүчү сизди пенсияга коюуга мыйзамдуу түрдө милдеттүү. Алар сизди пенсияңыздан баш тартууга ынандыра алышпайт. Бирок, кааласаңыз, пенсиядан баш тартууга толук укугуңуз бар.

11. Кутман башка фермага которулууну суранат жана ага транспорттун чыгымдарын жабуу керектигин айтышат. Бул кимдин жоопкерчилиги?

Бул, адатта, сиздин милдетиңиз, эгер сиз өтүп жаткан ферма чыгымдарды жабууну сунуш кылбаса, бул жалпысынан сиздин жоопкерчилигиңиз.

12. Элзат алардын жетекчиси тарабынан басмырланып жатканын сезет жана наразычылыгын билдиргиси келет. Ал муну жасоого укугу барбы?

Ооба. Сиз ар дайым туура каналдар аркылуу дискриминациянын ар кандай учурларын билдиришиңиз керек.

13. Айнагүл жалпы дарыгерге кантип катталууну билбейт жана алардын жумуш берүүчүсү жардам бербейт. Жумуш берүүчү ага кантип жардам бериши керек?

Жумуш берүүчү сизди жалпы дарыгерге каттоого жардам берет, бирок сиз байланыш маалыматын алуу үчүн жооптуусуз.

14. Жаңылдын жумуш берүүчүсү визасы же программа боюнча иштөөгө укугу жок адамды жумушка алат. Бул жумуш берүүчү жана жумушчу үчүн кандай кесепеттерге алып келет?

Жумуш берүүчүгө айып пул салынышы же кылмыш иши козголушу мүмкүн жана ал программдан чыгарылышы мүмкүн. Жумушчу эксплуатация, заманбап кулчулук жана адам сатуу коркунучу жогору. Эгерде кармалган болсо, анда тиешелүү визасы же программа боюнча иштөө укугу жок жумушчу камакка алынышы, айып пул салынышы, ушул убакыттын ичинде тапкан акчасынын алынышы, Улуу Британиядан чыгарылышы мүмкүн экендигин унутпаңыз.

15. Кутманга келишим боюнча фермада жумасына 32 сааттан кем эмес иштей турганын айтышкан. Бирок аба ырайынын начардыгынан жана аз түшүмдүүлүктөн улам андай болбойт. Ал кепилденген жумуш акысын ала алабы

Ооба. Жумасына 32 сааттан кем эмес эмгек акы төлөнүшү керек. Эгер сизге жумасына караганда узак мөөнөткө эмгек акы төлөнсө (мисалы, эки жумада же ай сайын), анда 32 сааттык жумуш орточо болушу мүмкүн. Мисалы, сиз эки жумада бир айлык алсаңыз жана биринчи жумада 25 саат гана иштесеңиз, кийинки жумада keминде 39 саат иштешиңиз керек. Ошентип, эки жума бою жумасына орто эсеп менен 32 саат иштейсиз.

16. Айбек профсоюзга кошулууну каалайт. Ал муну жасоого укугу барбы?

Ооба. Бирок Улуу Британиядагы профсоюздар бул программа боюнча жумушчулардын укуктарын билбеши мүмкүн жана чектелген гана колдоо көрсөтө алышат.

17. Гүлжан алардын келишимин кыргыз же орус тилинде алат, бирок котормосу начар жана ыраатсыз. Жумуш берүүчү эч нерсе кыла албай турганын айтат. Мунун дагы кандай башка жолдору бар?

Ал фермадан же операторунан келишимди жакшыраак түшүнүүгө жардам беришин суранышы керек. Эгер алар дагы деле шектенип жатышса, Англиядагы жана Уэльстеги Эмгек Укуктары Борборунан же Шотландиядагы Жумушчуларды Колдоо Борборунан кайрылса болот.

18. Наргиза алардын келишимдеги турак жай чыгымдары тууралуу маалыматты көрбөйт. Жумуш берүүчү бул маалыматты келишимге киргизүүгө милдеттүүбү?

Жок. Бул Келишимде чагылдырылбашы керек. Бул маалымат өзүнчө документте берилиши мүмкүн, анда жумушчунун чегерүүлөрү жана төлөмдөрү так көрсөтүлгөн, ошондой эле милдеттүү эмес.

Каныкей косметикалык операция жасатууну каалайт жана бул анын медициналык камсыздандыруусу менен камсыздалышы керек деп эсептейт. Медициналык камсыздандыруу компаниясы хирургиянын ушул түрүн камтыйбы?

Жок.

1

**Бул жагдайда анын кандай укуктары бар?**

- Ал жумушта дискриминацияга жол бербөөгө укуктуу
- Ал жумуш берүүчү, анын программа оператору жана тең укуктуулук боюнча Кеңеш Берүү жана Колдоо кызматы аркылуу арыз берүүгө укуктуу

**Бул жагдайда ал жооптуу бир нерсе барбы?**

- Ал бул окуялар тууралуу кабарлоо үчүн жооптуу.

**Бул кырдаалда анын жумуш берүүчүсү же программа оператору эмне үчүн жооптуу?**

- Иш берүүчү дискриминациялык дооматтарга жана фактыларга тыюу салуу үчүн жооп берет.
- Анын жумуш берүүчүсү да дооматтарга олуттуу мамиле кылууга милдеттүү.
- Анын оператору мониторинг жүргүзүү жана алардын жумушчулары иштеген жумуш берүүчүлөр менен тыгыз кызматташуу, анын ичинде алардын басмырланбагандыгын камсыз кылуу үчүн жооп берет

**Бул жерде кандайдыр бир жалган маалымат барбы?**

- “Эркектер жашылча-жемиштерди жыйноого, ал эми аялдар мөмө-жемиштерди жыйноого көбүрөөк ылайыктуу” деп ырастоо жалган маалымат.

2

**Бул жагдайда анын кандай укуктары бар?**

- Ал башка формага которуу укугуңун пайдаланган.
- Андан кийин ал визасы уруксат бербеген жумушта иштей баштады. Бул кырдаалда анын эч кандай укугу жок.
- Ал ушул келишимди которууну/бузууну талап кылууга укуктуу. Качып кеткенден кийин, ал камакка алынышы, айыпка жыгылышы, айлык акысы алынышы же Улуу Британиядан чыгарылышы мүмкүн.

**Бул жагдайда ал жооптуу бир нерсе барбы?**

- Ал расмий каналдар аркылуу туура маалыматтарды, анын ичинде Улуу Британияда жашоо жана жашоо чыгымдары жөнүндө маалыматтарды алуу үчүн жооптуу.
- Ал Улуу Британиянын эрежелерин жана жоболорун сактоо үчүн жооптуу, анын ичинде фермада калуу же тийиштүү жол-жоболор боюнча кетүү милдеттенмеси.

**Бул кырдаалда анын жумуш берүүчүсү же программа оператору эмне үчүн жооптуу?**

- Жумуш берүүчү бул качуу жөнүндө программанын операторуна билдирүү үчүн жооптуу. Программанын оператору анын качып кеткенин бийликке билдирүү үчүн жооптуу.
- Жалдоочу ага турак жай, транспорт жана азык – түлүк менен байланышкан чыгымдар жөнүндө маалымат берилишин жана толук түшүнүлүшүн камсыз кылышы керек болчу.

**Бул жерде кандайдыр бир жалган маалымат барбы?**

- Ага досу “көп акча табарын жана жумушка арзый турганын” айтса да, бул дайыма эле андай боло бербейт.

**Анын кандай варианттары болгон?**

- Башында ал тобокелдиктер жөнүндө ой жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк алган.
- Ал бул иштин кандай болору жөнүндө реалдуу түшүнүк алууга жардам бере турган кошумча маалыматты суроого мүмкүнчүлүк алды.
- Ал фермада калууну же мыйзамды бузуудан качуу үчүн Кыргызстанга кайтып барууну суранган.

3

**Бул жагдайда анын кандай укуктары бар?**

- Ал анын жумушка алуучусунан түшүм жыйноо мезгили жана жол чыгымдары, анын ичинде аэропорттон фермага саякат жөнүндө маалымат алышы керек болчу.

**Бул кырдаалда анын жумуш берүүчүсү же программа оператору эмне үчүн жооптуу?**

- Аны жалдоочу оруп-жыйноо мезгилине ылайык жалдоону пландаштырышы керек болчу. Ошондой эле алар жумушчуларга түшүм жыйноо мезгили качан башталарын жана Улуу Британияга качан учуп барарын айтышы керек эле

**Бул жерде кандайдыр бир жалган маалымат барбы?**

- Ал түшүм жыйноо мезгили же Улуу Британияга качан учуп кетери жөнүндө так жана туура маалымат алган эмес.

МОДУЛЬ 8

# СИЗДИН КОЛДОО КЫЗМАТЫ



# МААНИЛҮҮ БАЙЛАНЫШ НОМЕРЛЕРИ

## Улуу Британиядагы тез жардам номерлери

Өзгөчө кырдаалда, же сиз же сиз тааныган адам дароо коркунучта болсо, **999** же **112** телефону боюнча полицияга чалыңыз. Эгер шашылыш эмес болсо, **101**ге чалыңыз. Эгер сизде тез медицина жардамы керек болсо, **999**га чалыңыз. Эгерде сизге медициналык жардам керек эмес болсо, тез жардам жана медициналык маселелер боюнча маалымат алгыңыз келсе, **111** телефону аркылуу медициналык адиске кайрылсаңыз болот.

## Сиздин схема операторуңуз

Схемаңыздын оператору үчүн байланыш маалыматтарын 106 беттен таба аласыз. Операторуңуз менен байланышуу үчүн расмий булактарды гана колдонууну унутпаңыз..

## Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борбору (ЖЧӨИОБ)

Телефон: +996 312 64 1714 же +996 559 189 900
Хотлайн  жана WhatsApp номери: +996224550332; +996227550332
Электрондук почта: admin@mail.ru
Веб баракча: www.migrant.kg
Дареги: Токтогул Көчөсү 237/М. Гвардия, Бишкек, Кыргыз Республикасы

Сезондук жумушчулар схемасы боюнча суроолоруңуз болсо, бул маселе боюнча ЖЧӨИОБ ишеним телефонуна **+996224550332** же **+996227550332** WhatsApp номер аркылуу кайрылсаңыз болот.

## Кыргызстандын Элчилиги

Телефон номерлер: +44 203 865 1994 же +44-203-865-1907
Электрондук почта: kgembassy.uk@mfa.gov.kg же kyrgyzconsuluk@gmail.com
Веб баракчасы: https://mfa.gov.kg/en/dm/uk
Дареги: Аскот Үйү 119 Кроуфорд көчөсү W1U 6bj Лондон W1W 6BB, Улуу Британия

# КАЙДАН ЖАРДАМ АЛСАМ БОЛОТ?

## ... менин фермадан жана схема операторунан?

Эгерде сизде кандайдыр бир көйгөйлөр болсо, адегенде ферманын жетекчилери жана кадрлар бөлүму менен сүйлөшүңүз. Эгер алар жардам бере албаса, схема операторуңузга кайрылыңыз.

Төмөнкү  учурларда, сиз ферма жана программа операторуңузга кайрылышыңыз керек:

- Эгер сезондук жумушчу программасы жөнүндө көбүрөөк маалымат алгыңыз келсе
- Сиз жумушка алуу учурунда сиз өзүңүздү алданып калгандай  деп ойлосоңуз?
- Акчаны кайтарып алуу үчүн же башка себептер менен иштөөгө мажбур болсоңуз
- Эгерде сизге мамлекеттик минималдуу эмгек акы төлөнбөсө
- Эгерде сизди куугунтуктаса же басмырласа
- Эгерде сиздин арызыңыз туура каралбаса
- Эгерде башка суроолоруңуз же тынчсызданууларыңыз болсо

## ... башка уюмдардан ?

Эгерде сиздин схемаңыздын оператору сиздин маселеңизди чече албаса, анда сизге жардам бере турган башка уюмдар бар. Буларды биринчи карап көрүңүз:

- Эгер сиз Англияда иштесеңиз, анда **эмгек укуктары борборуна (0300 400 100)** телефон аркылуу кайрылсаңыз болот же алардын https://www.workrightscentre.org веб-сайтына кирсеңиз болот, алар сизге орус тилиндеги укуктарыңыз жөнүндө кеңеш бере алышат.

- Эгер сиз Англияда жана Уэльсте иштесеңиз жана адам сатуунун курмандыгы болушуңуз мүмкүн деп эсептесеңиз, анда Адам сатууга каршы жана эмгек эксплуатациялоо бөлүмүнө (ATLEU) atleuteam@atleu.org.uk  - электрондук почта аркылуу же 020 7700 7311 телефон аркылуу кайрылсаңыз болот. Алардын веб-баракчасына https://atleu.org.uk/ шилтеме аркылуу кириңиз

- Эгер сиз Шотландияда болсоңуз, укуктарыңыз жөнүндө кеңеш жана маалымат алуу үчүн **Шотландиянын жумушчуларды колдоо борборуна** төмөнкү даректер аркылуу (**0800 0581 633**, support@workersupportcentre.org.uk кайрылсаңыз болот. Алардын веб-баракчасына https://workersupportcentre.org.uk.  шилтеме аркылуу кириңиз
- Эгер сиз Шотландияда иштесеңиз, жардам жана кеңеш алуу үчүн **RSABI** – колдоо кызматы менен (**0808 1234 555**, helpline@rsabi.co.uk) даректер аркылуу байланышсаңыз болот. Сиз ошондой эле www.rsabi.org.uk. дарегиндеги веб-баракча аркылуу алар менен онлайн сүйлөшө аласыз.
- Эгер сиз Түндүк Ирландияда иштесеңиз, анда эмгек мамилелери агенттигине (**03300 555 300**) кайрылып, укуктарыңыз жөнүндө маалымат ала аласыз..
- Эгер сизди иштөөгө мажбурлашса же эксплуатацияга кабылып жатсаңыз, бул тууралуу **0800 432 0804** номер же www.gla.gov.uk/report-issues веб баракча дареги аркылуу **Gangmasters and Labour Abuse Authority (GLAA)** уюмуга жашыруун түрдө билдире аласыз.
- GLAA ошондой эле Сезондук жумушчулардын схемасы жөнүндө видео тартты, аны төмөнкү QR кодун сканерлөө аркылуу көрө аласыз:  QR code :

## Just Good Work - тиркемеси

Just Good Work-бул акысыз мобилдик тиркеме, анда Улуу Британияда сезондук жумушчулардын программасы боюнча иштөө жөнүндө билишиңиз керек болгон маалыматтар жана кеңештер бар, мисалы, сиздин саякатыңыз, жумушка орношуу процесси жана укуктарыңыз.

QR  Just Good Work - колдонмосун жүктөө үчүн төмөндөгү QR кодун колдонуңуз.

Бардык эле схема операторлорунун бул тиркеме жөнүндө маалыматы жок. Операторуңуздан алардын маалыматы колдонмодо бар-жогун сурасаңыз болот.

**Эгер сизге дагы деле көбүрөөк колдоо керек болсо, анда сиз бул уюмдар менен байланышсаңыз болот:**

- Улуу Британиядагы ден соолук жана коопсуздук маселеси жөнүндө билдирүү үчүн же жумуштагы ден соолук жана коопсуздук жөнүндө суроо берүү үчүн **Health and Safety Executive** департаментке (**0300 003 1747**) телефон номер аркылуу кайрылыңыз. Алардын веб-баракчасына https://www.hse.gov.uk шилтеме аркылуу кириңиз.
- Эгер сиз иштөөгө мажбур болсоңуз же эксплуатацияланып жатсаңыз, анда **08000 121 700** номерине же **Modern Slavery Helpline** жардам кызматына жашыруун түрдө чалып же алардын веб-баракчасы www.modernslaveryhelpline.org. шилтеме аркылуу кирсеңиз болот:
- Жумуштагы укуктарыңыз, сиз туш болгон көйгөйлөр жана жардам берүү үчүн эмне кылсаңыз болору боюнча кеңеш алуу үчүн **ACAS жардам линиясы (0300 123 1100)** ишеним телефонуна кайрылыңыз. Алардын веб-баракчасы (www.ACAS.org.uk/advice) жөнөкөй суроолорго тез жооп табууга жардам берет.
- Эгерде сизди куугунтуктап, басмырлап жатышса же сиз жасаган арыз туура каралбаса, анда сиз Тең укуктуулук боюнча кеңеш берүү жана Колдоо кызматы **(Equality Advisory and Support Service, 0808 800 0082)** телефон номери аркылуу байланыша аласыз, алардын веб-баракчасы www.equalityadvisoryservice.com. шилтеме аркылуу кириңиз
- Эгерде сиз жумасына 48 сааттан ашык иштөөгө мажбур болсоңуз, анда бул Өкмөттүн веб-баракчасы аркылуу: https://www.gov.uk/government/publications/pay-and-work-rights-complaints расмий арыз жазыңыз

# ПСИХИКАЛЫК САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО БОЮНЧА ЖАРДАМ ТЕЛЕФОНДОРУ

Эгер сиз же сиз билген адам өзүн-өзү өлтүрүү сезимин сезип жатса, психикалык ден-соолук менен күрөшүп жатса/ңыз же жөн гана кимдир бирөө менен сүйлөшүү керек болсо, анда сиз жалгыз эмессиз, жардам ар дайым бар экендигин унутпаңыз. Жакындарыңызга кайрылыңыз. Ошондой эле төмөнкү акысыз жана купуя телефон номерлерден колдоо ала аласыз. Жардам берүү телефон кайрылуу линиялары англис тилинде жеткиликтүү.

- **Samaritans (Самаританз) 116 123 номер аркылуу (24 саат/7 кун иштейт)**
- **SANEline (Санлайн) 0300 304 7000 номер аркылуу (кечки саат 4.30–10.30 саатка чейн, күн сайын иштейт).**
- **Улуу Британиянын Улуттук, суициддин алдын алуу жардам телефону - 0800 689 5652 (6 p.m. -3:30 a.m. Күн сайын кечки саат 6:00- эртең мененки саат 3: 30 иштейт)**
- **CALM 0800 585858 - номер аркылуу (кечки саат 5:00 – эртең мененки саат 12 чейн, күн сайын иштейт)**

Эгер сиз психикалык ден-соолугуңуз жөнүндө кимдир бирөөгө текст жазууну жактырсаңыз, анда **SHOUT** деген текстти купуя колдоо **85258** номерине жиберсениз болот.

# КУУГУНТУКТОО ЖАНА БАСМЫРЛОО ДЕГЕН ЭМНЕ?

**Эгер сизди куугунтуктап же басмырлап жатса, ар дайым жардам сураңыз.**

Куугунтуктоо жана кордоо ар кандай формада болушу мүмкүн. Мисалы:

- Эгерде сиз иш планды аткарбасаңыз анда сиздин келишимиңизди токтотуу же эмгек акыны чегерүү менен сизди коркутуп жатса
- Эгерде сизди жаза менен коркутушса, мисалы максаттарыңызга жетпегенде (жумуш бар болгондо сизге аз иш саатын берсе)
- Эгер сиз жазалансаңыз же арыз жазганыңыз үчүн жазага тартылсаңыз
- Эгер кимдир бирөө сизди атайылап кемсинтип, тажатып же коркутуп жатса

Сиздин улутуңузга, расаңызга, түсүңүзгө, жынысыңызга, тилиңизге, диниңизге же башка өзгөчөлүктөрүңүзгө байланыштуу сизге башкача мамиле жасалганда – Дискриминация деп саналат. Эгер сизге карата дискриминация болсо, анда сизге тең укуктуу мамиле жасалбайт жана бул сиздин укуктарыңыздан жана эркиндигиңизден башкалар сыяктуу эле ырахат ала албайсыз дегенди билдирет. Дискриминация ар кандай формада болушу мүмкүн-мисалы:

- Эгерде сизди улутууңузга байланыштуу сизге жумуш убактысы азыраак берилсе
- Эгер сиз жынысыңызга байланыштуу оор жумуш аткарууга мажбур болсоңуз
- Эгер сиз орусчаны жакшы сүйлөбөгөндүктөн сизге начар турак жай берилсе
- Эгер сизге сиздин диниңиз үчүн кесиптештериңизге караганда азыраак урмат көрсөтүлсө

## ЭГЕР МЕН АНГЛИСЧЕ СҮЙЛӨЙ АЛБАСАМЧЫ?

Колдоо үчүн кайрылган айрым уюмдар кыргыз же орус тилдеринде кызмат көрсөтпөшү мүмкүн. Англис тилин жакшы билбесеңиз дагы, жардам сурап кайрылышыңыз керек.

Англисче сүйлөгөн, которууга жардам бере турган адам аркылуу дагы деле жардам сурап көрүшүңүз мүмкүн, мисалы:

- Фермада бирге иштеген кесиптеш
- Кыргызстандагы досуңуз же бир тууганыңыз
- Кыргызстандын элчилигинде иштеген адам

Ошондой эле, жазуу аркылуу баарлашуу үчүн онлайн котормо тиркемесин колдонуп көрүңүз.

# СХЕМА (ПРОГРАММА) ОПЕРАТОРЛОР

Төмөндө **2025-жылдын апрель айына** карата сезондук жумушчулар схемасындагы бардык схема операторлору үчүн байланыш маалыматтарын таба аласыз. Бул схеманын бардык операторлору Кыргызстандан ар дайым эле жумушка орношпогонун жана алардын бардыгы эле PDO борбору аркылуу жумушка орношпогонун эстен чыгарбоо керек.

Кыргызстандан жумушчуларды жалдаган схема операторлору **өзгөрүшү мүмкүн** жана сиздин операторуңуз өлкөдө дагы эле активдүү экенине ар дайым ишенишиңиз керек. Ишенбесеңиз, ЖЧӨИОБ ишеним телефонуна кайрылсаңыз болот (байланыш маалыматы 100-бетте таба аласыз).

| | |
|---|---|
| Agri-HR and Fruitful Jobs/ Агри-Эйчар энд Фрутфул Джобс | Agri-HR (Ишке алуучу/ жалдоочу)<br>Телефон: +447484855296<br>Электрондук почта: info@agri-hr.com<br>Веб-баракчасы: https://www.agri-hr.com<br><br>Fruitful Jobs (Оператор)<br>Телефон: 01989 500 130<br>Электрондук почта: info@fruitfuljobs.com<br>Веб-баракчасы: https://www.fruitfuljobs.com |
| Pro-Force/ Про-Форс | Phone (Башкы Кеңсе): 01227 733 880<br>Электрондук почта (Башкы Кеңсе): enquiries@pro-force.co.uk<br>Веб-баракчасы: https://www.pro-force.co.uk/<br>Башка филиалдар үчүн байланыш маалыматтары: https://www.pro-force.co.uk/branches |
| HOPS Labour Solutions / ХОПС Лейбор солушенз | Телефон: 02476 698 000<br>Электрондук почта: hello@hopsls.com<br>Веб-баракчасы: https://www.hopslaboursolutions.com/ |
| Concordia (Конкордия) | Электрондук почта: participantsupport@concordia.org.uk<br>Веб-баракчасы: https://www.concordia.org.uk/seasonal-work |

# МЕН КОЛДОНО ТУРГАН БАШКА КОЛДОО КЫЗМАТТАРЫ БАРБЫ?

Жардам бере турган айрым кызмат көрсөтүүчүлөр сиздин Улуу Британиядагы жайгашкан жериңизге байланыштуу болот. Фермадан байланыш маалыматтарын алуу үчүн төмөнкү таблицаны колдонуңуз.

| Уюм | Аталышы | Телефон номери | Электрондук почта дареги |
|---|---|---|---|
| Айыл чарба департаментинин адам ресурстары бөлүмү | | | |
| Тез жардам клиникасы (A&E) | | | |
| Жалпы дарыгер | | | |
| Камсыздандыруу провайдери | | | |
| Пенсиялык камсыздоочу | | | |
| Банктык кызматтар | | | |
| Акча которуу кызматтары | | | |
| | | | |

# СИЗДИН СХЕМА ОПЕРАТОРУҢУЗГА БЕРЕ ТУРГАН СУРООЛОР

**Бул жерде сиз схеманын операторуна бере турган суроолордун тизмеси келтирилген:**

| ТЕМА | СУРОО |
|---|---|
| **Сизди ишке алуу** | 1. Мага Кыргызстанда да, Улуу Британияда да кол коюу керек болгон бардык документтер жөнүндө айтып бериңиз.<br>2. Келишимге качан кол коем?<br>3. Келишим кайсы тилде түзүлгөн?<br>4. Эгер мен келишимди түшүнбөсөм, ким менен сүйлөшө алам?<br>5. Мен кол коюшум керек болгон башка документтер барбы?<br>6. Мен келишимге кол коюп жатамбы же жөн гана макулдашуубу?<br>7. Виза алуу үчүн кайрылууда кандайдыр бир жетекчилик же колдоо аламбы?<br>8. Мен учуу билеттеримди сатып алууда кандайдыр бир жетекчилик же колдоо аламбы? |
| **Сизди сапарыңыз** | 9. Улуу Британияга келгенде, мен аэропорттон фермага чейинки сапарымдын баасын төлөшүм керекпи? Эгер ооба болсо, бул канча турат?<br>10. Менин саякат камсыздандыруу полисим жөнүндө көбүрөөк маалымат бере аласызбы, анын ичинде премиялары жана камсыздандыруу провайдеринин байланыш маалыматтары жөнүндө маалымат бере аласызбы?<br>11. Мен Кыргызстанда жүргөндө, кайтып келүү билетин сатып алышым керекпи?<br>12. Мен келгенде мага сим картасын бересизби?<br>13. Транзит учурунда кыйынчылыктарга туш болсом, ким менен байланышышым керек? |
| **Сизди жумуш шарттарыңыз** | 14. Менин жумуш берүүчүм менин схема Операторумбу же менин фермамбы?<br>15. Мен келгенге чейин менин ферманын сүрөттөмөсүн алсам болобу?<br>16. Фермадагы келишимдин шарттары мен күткөндөй болбосо, ким менен сүйлөшө алам? |

| ТЕМА | СУРОО |
|---|---|
| **Сиздин жашоо шарттарыңыз** | 17. Турак жай үчүн канча төлөшүм керек?<br>18. Мен келгенге чейин менин турак жайымдын сүрөттөмөсүн алсам болобу?<br>19. Бир бөлмөдө канча адам менен жашайм?<br>20. Мен WiFi, кир жуу үчүн, газ жана электр энергиясы үчүн төлөшүм керекпи?<br>21. Мен өзүмдүн фермамдан дүкөндөргө, жалпы дарыгерлерге же ооруканага жеткирүү үчүн төлөшүм керекпи?<br>22. Менин турак жайым жана жайларым эркектер менен аялдар үчүн өзүнчөбү?<br>23. Мен мамлекеттик майрамдарды эс алуу күнү катары аламбы?<br>24. Менин турак жайым мен иштей турган фермадан алыспы?<br>25. Мент фермага кантип жеткирелем?<br>26. Фермага жеткерүү транспорттун чыгымын ким көтөрөт? |
| **Ден-соолугуңуз жана коопсуздугуңуз** | 27. Мага медициналык камсыздандыруу полиси жөнүндө көбүрөөк маалымат бере аласызбы, анын ичинде премиялары жана камсыздандыруу провайдеринин байланыш маалыматтары жөнүндө маалымат бере аласызбы?<br>28. Менин медициналык камсыздандыруу полисим тиш дарылоону камтыйбы?<br>29. Жакынкы оорукана кайда жана ал жакка жетүүнүн эң жакшы/ ыңгайлуу жолу кайсы?<br>30. Эң жакын жалпы дарыгер кайда жана ал жакка жетүүнүн эң ыңгайлуу жолу кайсы?<br>31. Эгерде мен фермадагы коопсуздук көрсөтмөлөрүнүн тилин түшүнбөсөм, анда мага аны түшүнүүгө ким жардам бере алат?<br>32. Эгерде мен жаракат алсам же ооруп калсам жана Улуу Британияда иштей албасам, менин кайтып келүү учуум үчүн чыгымды ким көтөрөт? |
| **Акчаңыз** | 33. Менин эмгек акымды ким төлөйт, фермабы же менин схема операторум төлөйбү?<br>34. Улуу Британиядан кетээрден мурун мага салыкты кайтарып берүүгө ким жардам бере алат? |

| ТЕМА | СУРОО |
| --- | --- |
| **Сиздин укуктарыңыз жана милдеттериңиз** | 35. Эгерде менде фермада кандайдыр бир маселелер болсо, анда аны билдирүүнүн эң жакшы жолу кайсы? |
| **Сиздин колдоо кызматы** | 36. Менин фермамдын адам ресурстары боюнча байланыш маалыматтары кандай?<br>37. Менин ферманын социалдык командасы менен байланыш маалыматтары кандай? |

# ПАЙДАЛУУ СӨЗДӨР ЖАНА СӨЗ АЙКАШТАРЫ

Англис тилиндеги бул жалпы сөздөр жана сөз айкаштары Улуу Британияда жүргөндө жакшы баарлашууга жардам берет.

| АНГЛИСЧЕ | ТРАНСЛИТЕРАЦИЯ | КОТОРМОСУ |
|---|---|---|
| ЧЫНЫГЫ НЕГИЗДЕРИ | | |
| Hello | Хэлоу | Салам |
| Excuse me | Иккскьюз ми | Кечиресиз |
| Please | Плиз | Сураныч |
| I need help | Ай нид хелп | Мага жардам керек |
| Do you speak…? | Ду ю спик… | Сиз...сүйлөйсүзбү? |
| Where is…? | Вэр из…? | ...Кайда? |
| I am going to… | Ай эм гоуинг ту… | Мен бара жатам… |
| What is…(your number, your name, your favourite...?) | Вот из (ёр намбер, ёр нейм, ёр фейворит…?) | ... Деген эмне (сиздин номериңиз, атыңыз, сиздин сүйүктүү ...?) |
| I like…/I don't like… | Ай лайк…/ай донт лайк… | Мага жагат/мага жакпайт… |
| I would like (water/coffee/my payslip/a copy of my contract) | Ай вуд лайк (уотер/кофи/май пейслип/э копи оф май контракт) | Мен каалайм (суу/кофе / менин эмгек акым/ менин келишимдин көчүрмөсү) |
| I don't understand | Ай донт андерстэнд | Мен түшүнбөйм |
| Thank you | Сэнк ю | Рахмат |
| You're welcome | Ю ар вэлкам | Эчтеке эмес |
| Yes/no | Йес/ноу | Ооба/жок |
| I'm sorry | Айм сорри | Кечиресиз |
| Good morning / Good afternoon / Good evening / Goodnight / Goodbye | Гуд морнинг/ гуд афтернун / гуд ивнинг / гуднайт / гудбай | Кутман таң / Кутман кеч/ Кайырлы түн / Жакшы калыңыз |

| АНГЛИСЧЕ | ТРАНСЛИТЕРАЦИЯ | КОТОРМОСУ |
|---|---|---|
| ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДА | | |
| Where is the Kyrgyz embassy? | Вэр из зе Киргиз эмбасси? | Кыргызстандын элчилиги кайда жайгашкан? |
| Call an ambulance | Кол эн эмбулэнс | Тез жардам чакырыңыз |
| Call the police | Кол зе полис | Полицияга кайрылыңыз |
| Fire | Файер | Өрт (пожар) |
| Where is the closest hospital/pharmacy? | Вэр из зе клоззст хоспитал/фармаси? | Эң жакын оорукана/дарыкана кайда жайгашкан? |
| I need a hospital / I need a doctor | Ай нид э хоспитал / Ай нид э доктэр | Мага оорукана керек / мага дарыгер керек |
| I am hurt. | Ай эм хёрт | Мен жабыркадым. |
| I'm allergic to… | Ай эм аллёрджик ту… | Мени ……. аллергиям бар |
| I have lost my passport | Ай хэв лост май паспорт | Мен паспортумду жоготтум |
| Somebody stole my (phone/money) | Самбади стол май (фоун/мани) | Кимдир бирөө менин (телефонумду/акчамды) уурдап кетти |
| АЭРОПОРТТО | | |
| I have a connecting flight | Ай хэв э коннектинг флайт | Менде кошуучу рейс бар |
| I can't find my bag | Ай кант файнд май бэг | Мен сумкамды таппай жатам |
| Where is immigration? | Вэр из иммигрейшн? | Иммиграция кеңсеси кайда? |
| Where is the currency exchange? | Вэр из зе каренси эксчейндж? | Валюта (акча) алмаштыруу пункту кайда бар? |
| ИММИГРАЦИЯЛЫК КӨЗӨМӨЛ УЧУРУНДА | | |
| Here is my passport | Хир из май паспорт | Мына менин паспортум |
| I'm flying from (country name) | Айм флайинг фром (название страны) | Мен (өлкө аты) учуп келе жатам |
| It's my first time | Итс май фёрст тайм | Бул менин (өлкөгө) биринчи жолу келишим |
| I have been here before | Ай хэв бин хир бифор | Мен буга чейин бул жерде болгонмун |

| АНГЛИСЧЕ | ТРАНСЛИТЕРАЦИЯ | КОТОРМОСУ |
|---|---|---|
| I am going to work on a farm, under the Seasonal Workers' Scheme. | Ай эм гоинг ту ворк он э фарм, андэр зе Сизонал Уоркерс' Ским | Мен фермада, сезондук жумушчулардын схемасы боюнча иштейм. |
| I am staying at the accommodation on my farm. The address is on this document. | Ай эм стейинг эт зэ акоммадейшн он май фарм. Зэ аддрес из он зис докьюмент | Мен фермада жашап жатам. Дареги ушул документке жазылган. |
| I am staying in the UK for around 6 months. | Ай эм стейинг ин зе Ю-Кей фор эраунд сикс манс | Мен Улуу Британияда 6 айдай турам. |
| I have a valid UK visa and offer of employment in the UK. | Ай хэв э вэлид Ю-Кей виза энд офер оф эмплоймент ин зе Ю-Кей | Менин улуу британияда жарактуу ВИЗАМ жана жумуш сунушум бар. |
| УЛУУ БРИТАНИЯНЫ ИЗИЛДӨӨ | | |
| Where is the closest (ATM/shop)? | Вэр из зе клозэст (Эй Ти Эм/шоп)? | Эң жакын (банкомат/дүкөн) кайда? |
| I'm lost. | Ай эм лост (I'm lost.) | Мен адашып калдым. |
| Which way to…? | Вич уэй ту…? (Which way to...?) | Кайсы жол менен …. барса болот ? |
| How far is it to get to…? | Хау фар из ит ту гет ту…? | ……. жерге жетүү канчалык алыс? |

## ДИСКЛЕЙМЕР

Бул басылмада айтылган пикирлер (көз караштар) авторлорго таандык жана Эл Аралык Миграция Уюмдун (ЭМУ) көз карашын чагылдырбайт. Басылмада колдонулган белгилер жана материалдын көрсөтүлүшү эч кандай маанини билдирбейт, кандайдыр бир өлкөнүн, аймактын, шаардын же аймактын, же анын бийлик органдарынын укуктук статусуна, же анын чек араларына карата ЭМУ тарабынан кандай болбосун пикирин чагылдырбайт.

ЭМУ гумандуу жана тартиптүү миграция мигранттарга жана коомго пайда алып келет деген принципти карманат. Эл аралык уюм катары ЭМУ миграциянын оперативдүү көйгөйлөрүн чечүүгө жардам берүү үчүн эл аралык коомчулуктагы өнөктөштөрү менен иш алып барат; миграция маселелери боюнча алдын ала түшүнүү; миграция аркылуу социалдык-экономикалык өнүгүүгө дем берүү; жана мигранттардын адамдык ар-намысын жана жыргалчылыгын коргойт. Бул басылма Улуу Британиянын сезондук жумушчулар программасынын потенциалдуу кызматкерлерине багыт берүүчү сессияларды өткөрө турган Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Чет өлкөдө жарандарды ишке орноштуруу борбору үчүн даярдалган. Бул басылмада камтылган маалымат 2025-жылдын апрель айына карата жаңыртылды.

Басмакана: CIOP HUB
Биринчи кабат, ЭМУ кеңсеси, 1553 LMRA имараты
Road 4153, Block 441, North Sehla
Бахрейн Королдугу
Телефону: +973 17 27 15 33
Электрондук почта: ciop@iom.int
Веб баракчасы: www.iom.int/ciop